Кыргыз Республикасынын билим жана
илим министрлиги

Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл
мамлекеттик университети

**Дунканаев А.Т., Сатышева Г.А., Сатиев К.Б.**

# ЫМУнун иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги үлгүлөрү

Каракол – 2015

УДК 811.51
ББК 81.2Ки
Д 83

Колдонмо ЫМУнун Окумуштуулар кеңешинде талкууланып, басмага сунуш кылынды (№8 протокол, 30-апрель, 2015-жыл).

**Рецензиялагандар:**

К.Карасаев атындагы БГУнун Кыргыз филология факультетинин Кыргыз тил кафедрасынын башчысы филология илимдеринин доктору, профессор **Токоев Т.Т.**

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз тил кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу, филология илимдеринин доктору **Асаналиев Ү.**

Дунканаев А.Т. ж.б.
Д 83 ЫМУнун иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги щлгщлёрщ /А.Т.Дунканаев, Г.А.Сатышева, К.Б.Сатиев. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Кёл мамл. ун-т - Каракол: 2015-ж. - 116 б.

ISBN 978-9967-454-74-3

Колдонмодо жогорку окуу жайларында пайдаланылуучу иш кагаздарын жүргүзүүнүн тартиби, алардын аткарылуу жолдору көрсөтүлөт.

Колдонмо мамлекеттик тилди турмушка ашыруу максатын көздөйт жана ал жалпы элге, уюм, мекеме, ишканалардын жетекчилерине, кеңсе кызматкерлерине багыттама катары да сунушталат.

Д 4602020400-15
ISBN 978-9967-454-74-3

УДК 811.51
ББК 81.2Ки
© А.Т.Дунканаев, Г.А.Сатышева, К.Б.Сатиев, 2015.
@ К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, 2015.

**Колдонмого түшүнүк.**

Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилдин азыркы учурундагы абалына саресеп салып, максат-милдеттерин аныктоо, беделин көтөрүү, эртеңки келечегинде кам көрүү боюнча олуттуу иш чаралар жүргүзүлүүдө.

Дарыянын башаты булак болгондой эле, улуттун башаты – тил экендиги айныксыз чындык. Мамлекеттик тил – мамлекеттик көз карандысыздыгын билдирген башкы белги. Эгерде Кыргыз Республикасында кыргыз тили мамлекеттик тил катары өз милдетин аркалай албаса, расмий тилди башкы орунга коюп, кыргыз тилине маани берилбесе, кыргыз тилинде иш кагаздары жүргүзүлбөсө, анда мамлекеттин Кыргыз Республикасы деп аталышынын да зарылчылыгы жок болуп саналат.

Ушундан улам, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун иш процессинде да мамлекеттик тилди активдүү колдонуу жана аны өнүктүрүү иштери күн тартибиндеги орчундуу маселелерден болуп саналат. ЫМУ тарабынан чыгарылып жаткан «ЫМУнун иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги үлгүлөрү» деп аталган бул чакан колдонмо университеттеги мамлекеттик тил иштеринин жолго коюлушуна жасалган алгачкы кадам. Чындыгында, аталган колдонмого жогорку окуу жайларга тиешелүү иш кагаздарынын бардыгын камтуу мүмкүн эместиги анык. Алар иштин жүрүшүнө ылайык толукталат, такталат, кеңейтилет.

Кыргыздын чыгаан уулу, коомдук ишмер, көрүнүктүү окумуштуу К.Тыныстановдун ысымын алып жүргөн бул окуу жайыбыз Кыргыз Республикасынын бирден-бир жогорку окуу жайларынын катарына кирет. Кандай гана жогорку окуу жайларын албайлы, алар мамлекеттин өсүп өнүгүшүнө зор салымдарын кошпой койбойт. Кыргыз мамлекетинин тарыхында ЫМУнун да өз орду бар. ЫМУнун Ысык-Көл областында жогорку баскычтуу билим берүүнүн жана илимдин очогун түзгөндүктөн, анын жүзү шексиз түрдө иш кагаздарынын жүргүзүлүшү менен да аныкталат. Арийне, ЫМУнун жалпы жамаатынын 90 пайыздан ашыгын кыргыз улутундагы кызматкерлер, окутуучулар, студенттер түзсө дагы, ар түрдүү багыттагы иш кагаздарынын жүргүзүлүшү негизинен орус тилине ыктап, ал аркылуу ишке ашырылып жаткандыгын танууга болбойт. Ошондуктан, бул мүчүлүштүктөн арылуу жана мамлекеттик тилде жаза билүү, ага адат алдыртуу, көндүрүү башкы милдеттерден болуп саналат. Эң башкысы,

мамлекеттик тилди жолго коюу, өз тилибизди сыйлоо максатында аталган чакан колдонмону алгачкы саамалык катары сунуш кылып олтурабыз. Албетте, колдонмодогу которулган айрым терминдин тегерегинде ар кыл көз караштар, туура эмес кабыл алуулар болушу толук ыктымал. Алар акырындык менен сунуш пикирлердин, талкуулардын негизинде такталат, бир калыпка салынат деген ойдобуз. Ар бир жаңы нерсенин кабыл алынышы кыйын. Ошол сыңары, орус тилинде көнүп калган иш кагаздарынын аталышы боюнча: **рапорт-билдирүү, сообщение-билдирме**; баалардын коюлушу боюнча: **отлично-мыкты, хорошо-жакшы, удовлетворительно-орто** жана **неудовлетворительно-жаман** сыяктуу кыргыз тилинде аталыштар адегенде өөн учурашы толук мүмкүн. Бирок мамлекеттик тилибиздеги мындай аталыштарга көнүшүбүз, адат алышыбыз зарылдык болуп саналат.

ЫМУнун факультеттеринин, бөлүмдөрүнүн иш кагаздарынын бардык түрлөрүн толук түрдө камтыган үлгү китеп чыгаруу алдыдагы кечиктирилгис милдеттерден. Аны ар тараптуу, түшүнүктүү, так жана сапаттуу деңгээлде аткарыш үчүн, ар бир кесипке, сабактарга тиешелүү иш кагаздарын ошол кесиптеги, ошол багыттагы эмгектенген адамдардын түздөн-түз жардамдашуусу менен жетишүүгө болот. Алар өз адистиктерине байланыштуу болгон атоолордун, терминдердин маани-маңызын жакшы түшүнүшкөндүктөн, туура жана так котормолорго чоң көмөк кылмак. Ушундай шартта гана, үлгү китептин мыкты сапатта иштелип чыгышына мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан, ЫМУнун бардык кызматкерлерин мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында чогуу иштешүүгө чакырабыз.

Кыргыз филология, педагогика жана
искусство факультетинин деканы,
филология илимдеринин доктору,
проф.м.а. Дунканаев А.Т.,
улук окутуучу Сатышева Г.А.,
улук окутуучу Сатиев К.Б.

**«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам».**

1-статья. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн негизги уңгусунун бири катары мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин бардык чөйрөлөрүндө ушул мыйзамдарында каралган тартипте милдеттүү түрдө иштейт.

2-статья. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик тилдин иштеши жана конституциялык статусун колдоо үчүн зарыл болгон бардык шарттарды түзөт, аны үйрөнүү жана өнүктүрүү, ошондой эле мамлекеттик тилди окутуу боюнча мамлекеттик программаларды кабыл алат жана каржылайт.

14 - статья. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлөт.

17-статья. Мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка мамлекеттик уюмдардын жетекчилери өз кызматкерлеринин ишин мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн камсыз кылат.

18-статья. Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунда мамлекеттик тил республикалык жана (же) жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, кесиптик билим берүү мекемелеринде окутуунун жана тарбиялоонун негизги тили болуп саналат.

Окутуу расмий, же башка тилдерде жүргүзүлгөн мектепке чейинки мекемелерде, жалпы билим берүүчү мекемелерде, (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда), кесиптик башталгыч билим берүү мекемелеринде окутуунун бардык учурунда мамлекеттик тилди окутуу жана үйрөтүү камсыз кылынат. Жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген көлөмдө жүзөгө ашырылат. Жалпы билим берүүчү мекемелерде (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда) мамлекеттик тил боюнча жазуу жүзүндө класстан класска көчүрүү, бүтүрүү, ал эми кесиптик башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларында кирүү жана бүтүрүүчү экзамендери милдеттүү түрдө киргизилет.

## Кыргыз тили – мамлекеттик тил.

1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында «Кыргыз ССРнин Мамлекеттик тили жөнүндө Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын мыйзамы» кабыл алынган.

**Кыргыз тили** - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары республикадагы башка улут өкүлдөрүнүн эне тилдерине караганда, коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кеңири жана толук өлчөмдө колдонулуу менен, өз ара статусуна ылайык төмөнкүдөй коомдук функция аткарууга тийиш;

- **мамлекеттик тил** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын тили катары алардын жумушчу кеңешмелеринде, иш кагаздарын жүргүзүүдө, расмий иш чараларды өткөзүүдө, эл аралык, мамлекеттер аралык сүйлөшүүлөрдө, протокол, келишимдерди түзүүдө, кабыл алууларды жүргүзүүдө милдеттүү түрдө колдонууга тийиш;
- **мамлекеттик** үч бийлик жана башкаруу, аткаруу мекемелеринин бардык актыларды – көрсөтмөлөр, буйруктар, токтом, жарлык, мыйзамдар ж.б.у.с. – милдеттүү түрдө мамлекеттик тилде кабыл алынууга тийиш;
- **мамлекеттик** тил билим берүүнүн, илимдин жана маданият чөйрөсүнүн негизги тили катары мектепке чейинки билим, тарбия берүүчү, жалпы билим берүүчү мектептерде, кесиптик техникалык, атайын орто жана жогорку билим берүүнүн, таалим-тарбия берүүнүн милдеттүү куралы болууга тийиш;
- мамлекеттик тил паспорт, күбөлүк, аттестат, диплом, мөөр, штамп сыяктуу расмий документтерди, көрнөк, бланка, этикет сыяктуу көрсөтмө маалымат кагаздарды даярдоонун милдеттүү тили болууга тийиш.

1992-жылдын **21-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** республиканын аймагында мамлекеттик тилде иш жүргүзүү жөнүндө токтом чыгарган. Ошондуктан 2010-жылы 5-июнда кабыл алынган Конституцияда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тили», - делип, анын атайы укуктук-юридикалык, саясий статусу белгиленген. Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды жүзөгө ашыруу республикабыздын ар бир атуулунун ыйык парзы.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин гимни.**

Сөзү: С.Алтымышовдуку
Обону: Б.Алишеровдуку

Тил жаңырып көкө – теңир таңынан,
адамзаттын дөөлөтүнө буюрган.
Адам деген түп сөзүнүн элимдин,
кыргыз тили ай – ааламга жаңырган.

Кайырма: Кыргыз тили - жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – мекеним,
менин өлкөм – Кыргызстан.

Мекен тили – Ата-Журттун кареги,
биримдиги, күч-кубаты, тиреги.
Мекен тили куту кыргыз элимдин,
көкүрөктө согуп турган жүрөгү.

Кайырма: Кыргыз тили - жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – мекеним,
менин өлкөм – Кыргызстан.

Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
мекен тили – бак–таалайдын кутманы
Мекен тили - кан–жаныбыз, туубуз,
ата-журттун келечеги, ак таңы.

Кайырма: Кыргыз тили - жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – мекеним,
менин өлкөм – Кыргызстан.

# *Иш кагаздарынын үлгүлөрү.*

## Келишим.

**Эмгек келишими** – бул кызматкер менен жетекчиликтин иш боюнча өз ара байланышын чагылдыруучу иш кагазынын бири. Келишимдин эмгек акы төлөө формасы – бул убакыттын талабы.

### Эмгек келишими

«___» _________ 20__-ж. Каракол ш.

Бир тараптан К.Тыныстанов ат. ЫМУ ______________________________________
___________________________________________________________________________
экинчи тараптан ________________________________________________________
паспорту, алган жылы, номуру ___________________________________________
төмөндөгүдөй келишим түзүштү:

### 1. Келишимдин негизи

1.1. Кызматкер __________________________________________________
Аты-жөнү

________________________________________ кызматка кабыл алынды.
Кызматтын аты

### 2. Эмгек келишимдин мөөнөттөрү

- Чектелбеген мөөнөт (мөөнөтү чектелбеген)
- Белгилүү бир мөөнөткө
- Берилген ишти бүтүрүү убагына чейин.

### 3. Эмгек келишиминин аракеттенүү мөөнөтү

«_____» __________________ 20 __ жылдан «_____» ____________________ 20__
жылга чейин эмгек келишими күчүндө болот

### 4. Иш тартиби

Иштин башталышы ____________________________________________________
Дем алуу _______________________________________________________________
Иштин аякташы ________________________________________________________

### 5. Тараптардын милдеттери

5.1. Кызматкер эмгек келишими убагында төмөнкүлөргө милдеттүү:

- КРнын Билим берүү министрлигинин бөлүмдөр, башкармалыктар, кызмат орундук нускамалар жөнүндөгү жоболоруна ылайык өзүнүн милдеттерин аткаруу;
- Окуу жайдын эмгек тартибине баш ийүү;
- Университеттин мүлкүнө кылдат мамиле кылуу;
- Университеттин жетекчилигинин мыйзам, ченемдүү талаптарын аткаруу;

5.2. Эмгек келишими убагында кызмат берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:
- Нормалдуу эмгек шартын түзүп берүү;
- Жумушчу орундарын техникалык жабдуулар менен камсыздоо;
- Эмгек акыны убагында төлөп берүү;
- КРнын Эмгек кодексине ылайык эмгек жана башка өргүүлөрдү берүү.

### 6. Эмгек акы төлөө

6.1. Кызматкерлерге штаттык ирет боюнча бир айга бир жолу эмгек акы белгиленет.

6.2. Өз ишинде мыкты көрсөткүчтөр менен айырмаланган айрым кызматкерлерге сыйлоолор, алкыштар каралган.

6.3. Кызматкердин эмгек акысы индексацияга тийиштүү болсо, КРнын мыйзамынын чегинде каралат.

### 7. Эмгек жана башка өргүүлөр

7.1. Кызматкерлерге жыл сайын _____ күнгө созулган эмгек өргүү жана ____ күнгө кошумча өргүүлөр белгиленген.

### 8. Эмгек келишимин токтотуунун негиздери

8.1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине каралган негиздер боюнча эмгек келишими токтотулат.

### 9. Негизги шарттар

9.1. ________________________________________________________________
____________________________________________________________________

10. Эмгек келишиминин шарттары эки тараптын макулдугу боюнча өзгөрүлүшү мүмкүн. Бул боюнча протокол түзүлүп, эмгек келишимине тиркелет.

11. Эки тараптын макулдугу менен эмгек келишими узартылып же жаңы мөөнөткө түзүлүшү мүмкүн. Тараптардын макулдашуусуна протокол жазылып, бул эмгек келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

12. Кызматка алуучу менен кызматкердин ортосундагы келишпестиктер КРнын мыйзамында каралган тартипте иш жүзүнө ашырылат.

13. Эмгек келишиминде каралбаган маселелер КРнын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарынын чегинде жөнгө салынат.

14. Эмгек келишими эки даанада (экземплярда) басылат жана алар бирдей юридикалык күчкө ээ. Бирөө кызматкерге, экинчиси кызмат берүүчүгө берилет.

Тараптардын дареги жана кол тамгалары.

| ЫМУнун ректору | Кызматка алынуучу |
| --- | --- |
| ____________________________ | ____________________________ |
| ____________________________ | ____________________________ |

Каракол шаары, Абдрахманов көчөсү 103.

**Эмгек келишими.**

Каракол шаары 3-сентябрь 2014-жыл.

1. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору К.К.Абдылдаев (мындан ары «Буюртмачы» деп аталат) аркылуу биринчи тарап, Ысык-Көл облустук жол оңдоо мекемеси (мындан ары «Аткаруучу» деп аталат) экинчи тарап болуп ушул эмгек келишимин түздүк:

2. Аткаруучунун милдеттери:

2.1. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Физика-техникалык факультетинин окуу ирети боюнча студенттердин өндүрүштүк практикасын Ысык-Көл облустук жол оңдоо мекемесинде өткөрүүгө;

2.2. Мекеменин техникалык базасын толук пайдаланууга;

2.3. Мекеменин китепканасынан студенттердин жана окутуучулардын пайдалануусуна;

2.4. Факультеттеги адистик боюнча илимий-изилдөө иштерин мекемеде апробациялоого;

2.5. Мекеменин Уставынын талаптары жана «Кыргыз республикасынын мыйзамдары» менен студенттерди тааныштырууга.

3. Буюртмачынын милдеттери:

3.1. Студенттерди Ысык-Көл облустук жол оңдоо мекемесинин Уставы жана Кыргыз республикасынын жол кыймылы боюнча аракеттеги нормативдүү актылары менен тааныштырууга;

3.2. 2014-2015-окуу жылында облустук жол оңдоо мекемесинин алдында жол кыймылы кафедрасын ачууга;

3.3. Студенттердин өндүрүштүк практикасына жетекчилик кылган мекеменин кызматкерлерине «Жогорку окуу жайларында эмгек акы төлөөнүн бирдиктүү тарифтик торчосунун» негизинде эмгек акыларын бир айлык мөөнөттөн кечиктирбей төлөөгө;

3.4. ЫМУда өткөрүлүүчү илимий-теориялык конференцияларга мекеменин кызматкерлерин тартууга жана алардын илимий макалаларын ЫМУнун жыйнактарына чыгарууга;

3.5. Мекеменин 3 кызматкерине илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн ЫМУнун аспирантурасынан орун берүүгө;

4. Эмгек келишиминин негизинде тараптардын ортосунда пайда болгон пикир келишпестиктер Кыргыз республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

5. Тараптардын даректери.

6. Буюртмачы: 722360, Каракол шаары, Тыныстанов көчөсү 103, тел.: 5-01-23

7. Аткаруучу: 722360, Каракол шаары, Масалиев көчөсү №6 тел.: 4-03-40

8. Эмгек келишими эки нускада даярдалды жана ал тараптар кол койгон күндөн тартып жарактуу.

| | |
|---|---|
| К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору доц. К.К.Абдылдаев | Ысык-Көл облустук жол оңдоо мекемесинин директору С.Асанов |
| ____________________ колу | ____________________ колу |

# I. ӨЗДҮК БАРАК.

## (Личный листок)

**Өздүк барак** – уюмдун кызматкери жөнүндө көп түрдүү маалыматтарды камтыган расмий иш кагазы. Ал көк же кырмызы сыя менен оңдолбой, өчүрүлбөй, кызматка алынып жаткан адамдын өз колу менен толтурулат.

Өздүк барак 4 беттен турат. Анын 1-бетине кызматка алынып жаткан адамдын ошол учурдагы фотосүрөтү (4x5 см. өлчөмдөгү), түрдүү маалымат берүүчү 1-13-пункттар, 2-3-бетке 14-пункт, 3-бетке 15-16-пункт, 4-бетке 17-21-пункттар жайгашат.

Өздүк барактагы маалыматтар эмгек китепчесиндеги жана өмүр баяндагы өздүк маалыматтар менен дал келиши керек.

Өздүк баракты толтуруунун үлгүсү төмөнкүдөй:

**Кадрларды эсепке алуу боюнча**

**ӨЗДҮК БАРАК**

1. **Фамилиясы -** Сатиев **аты -** Каныбек **атасынын аты -** Бекташович

2. **Жынысы -** эркек 3. **Туулган жылы, күнү, айы** -1963.23.02.

3. **Туулган жери** -Барскоон айылы. Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу

(айыл, шаар, район, облусу)

4. **Улуту** - кыргыз 6. **Тек жайы** - кызматкер

5. **Партиялуулугу** - КСДП

6. **Билими жогорку** КМУ

| Окуу жайынын аталышы жана жайгашкан жери | Факультет же бөлүм | Кирген жылы | Бүткөн же кеткен жылы | Бүтпөсө кайсы курстан кеткен | Окуу жайын бүтүүнүн натыйжасында кандай адистик алган, диплом же күбөлүктүн номуру көрсөтүлгөн |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз мамлекеттик университетиин филиалы | Орус филологиясы | 1983 | 1990 | - | Орус тили жана адабияты мугалими Р№ 003139 |

7. **Мамлекеттик тилди билиши**:

**эркин сүйлөйм**, түшүндүрө алам, билбейм

(керектүүсүн астын сызыңыз)

8. **Чет тилдерди жана КМШ элдеринин тилин билиши** **Орус тилин эркин сүйлөйм**, англис тилин сөздүк менен котором

(окуй алам, сөздүк менен котором, түшүнөм, эркин сүйлөйм)

9. **Илимий даражасы, илимий наамы -** жок.

10. **Илимий эмгектери жана ойлоп табуулары** ______

1. Кыргыз тил илими боюнча 15 макалам бар.

11. Эмгек ишмердиги башталгандан берки аткарган жумушу (жогорку жана атайын орто жайларында окуу, аскер кызматы, партизан отряддарына катышуу жана кош кызматтары да кошулат).

Ушул бөлүмдү толтурууда уюм, ишкана жана мекеме өз убагында кандай аталса, дал ошондой жазуу керек, аскер кызматы кызмат орду менен кошо жазылат.

| Жыл жана ай | | Кызмат (уюм, мекеме, ишкана министрликти (ведомствону) көрсөтүү менен) | Уюм, ишкана жана мекемелердин жайгашкан жери |
|---|---|---|---|
| Жумушка кирген | Жумуштан чыккан | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1983.12. | 1986.10. | Катардагы жоокер | 36832-аскер бөлүгү |
| 1993.09. | Бүгүнкү күнгө чейин | Ысык-Көл мамлекеттик университетинин филология факультетинин улук окутуучусу | Каракол шаары |

12. Чет өлкөлөрдө болгондугу (жумуш, ишсапарында, делегация ж.б. менен болуу).

| Жыл жана ай | | Кайсы өлкөлөрдө | Чет өлкөлөрдө болуунун максаты |
|---|---|---|---|
| Кайсы убакыттан | Кайсы убакытка чейин | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| | | | |

13. Борбордук, республикалык, крайлык, облустук, округдук, шаардык, райондук, партиялык, советтик жана башка шайлануучу органдарга катышуусу.

| Шайлануучу органдын жайгашкан жери | Шайлануучу органдын аты | Ким болуп шайланган | Жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Шайланган | Кеткен, чыгарылган |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
| Каракол шаары | Каракол шаардык кеңеши | Депутат | 2008 | 2011 |

14. Өкмөттүк сыйлыктары Республикалык Профсоюз кыймылынын мыктысы төш белгиси, 2014-ж., КРнын мамлекеттик тил комиссиясынын Ардак грамотасы, 2006-ж.____________

(качан жана эмне менен сыйланган)

15. Партиялык жаза алганы жок. Качан ким тарабынан, эмне үчүн, кандай жаза берилген

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

16. Аскер кызматына милдеттүүлүгү жана аскер наамы аскер кызматына **милдеттүү**, катардагы жоокер

________________________________________________

________________________________________________

Тайпасы _______техникалык____________ Аскер түрү _____жөө

(командирлик, саясий, акимдик, техникалык ж.б.)

17. Өздүк барак толтурулган убактагы үй-бүлө абалы ____________

1. _____Акчомоева Гүлбүбү - аялы,_50 жашта____________________

(үй-бүлө мүчөлөрү жашы көрсөтүлүп жазылат)

2._____Каныбекова Ширин – кызы, 23 жашта___________________

3.____________________________________________________

18. Үй дареги: Каракол ш. Москва көчөсү, 16-үй, тел; 5-17-53

________________________________________________

________________________________________________

2014_ -ж. «_16__» __август___ колу ______________________

**Өздүк барак** толтурган кызматкер кийинки ар бир өзгөрүүлөрдү (билими, партиялуулугу, илимий даражасы, наамы, партиялык жаза алгандыгы жана жазанын алып таштагандыгы ж.б.) өздүк ишке киргизүү үчүн иштеген жерине кабарлап турууга милдеттүү.

**Өздүк барак** башка иш кагаздар менен бирге кызматкердин өздүк ишинде сакталат жана колго берилбейт. Ал А3 кагазына даярдалат.

## II. Арыздар.

**Арыз** – бул уюмдун жетекчисинин дарегине ар түрдүү даттануу же өтүнүч маселелери менен жазылуучу иш кагазынын бир түрү.

Арызда билдирүүчүнүн өтүнүчү же даттануусу кыска жана түшүнүктүү жазылышы керек.

Адамдын ишинде арыздардын көптөгөн түрлөрү кездешет. Төмөндө алардын айрым үлгүлөрүн беребиз.

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
т.и.к., доц. К.К.Абдылдаевге
Кыргыз адабияты жана
манастаануу кафедрасынын
башчысы Койлубаев
Келдибектен

**Арыз.**

Үй-бүлөлүк шартыма байланыштуу 2014-жылдын 1-декабрынан 10-декабрына чейин кыска мөөнөттүү эмгек акы төлөнбөгөн өргүү берүүңүздү сурайм.

01.12.2014-ж. К.Койлубаев

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун Экономика факультетинин деканы, э.и.к., доц.
Ч.С.Карыбаевага
БА-41 тайпасынын студенти
Исаева Айдайдан

**Арыз.**

Окууга төлөнүүчү контракттын акчасын 2014-жылдын 20-декабрына чейин узартып берүүңүздү сурайм. Белгиленген мөөнөттөн кечиктирбей толугу менен төлөп беремин.

20.09.2014-ж. Исаева А.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
улук окутуучу
Сатиев Каныбектен

**Арыз.**

2014-жылдын 1-сентябрынан Башталгыч билим берүү кафедрасына конкурстук шайлоонун негизинде 5 жылдык мөөнөт менен улук окутуучулук кызматка кабыл алууңузду өтүнөмүн.

1.09.2014. Сатиев К.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
Ибраева Айзаттан

**Арыз.**

Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин Кыргыз тили кафедрасына 1.09.2012.-1.07.2013. − окуу жылына келишим боюнча лаборанттык кызматка кабыл алууңузду өтүнөмүн.

01.09.2012 Ибраева А.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
ЗКФ-31 тайпасынын
студенти Асанова Айгүлдөн

**Арыз.**

Экономика адистигинин жабылып калгандыгына байланыштуу мени Башталгыч билим берүү адистигинин 3 - курсуна которуп коюуңузду өтүнөмүн.

1.09.2014. Асанова А.
колу Аты-жөнү

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
Асанбекова Назирадан

**Арыз.**

Мени ЫМУнун Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун тарых адистигинин 4 - курсуна Балыкчы социалдык экономикалык институтунан которуу жолу менен кабыл алууңузду өтүнөмүн.

10.09.2014. Асанбекова Н.
колу

ЫМУнун Үзгүлтүксүз билим
берүү борборунун директору
ф.-м.и.к., доц. А.Жамангуловго
ЗКФ-41 тайпасынын студенти
Алиев Алишерден

**Арыз.**

Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу 12.04.14.-10.05.14. күндөрдөгү сабактарга катыша албай калганмын, мага сессия тапшырууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

20.05.2014. Алиев А.
колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун Экономика
факультетинин деканы,
э.и.к., доц. Ч.С.Карыбаевага
БА-21 тайпасынын студенти
Муканбетов Темирбектен

**Арыз.**

Учурдагы каржы маселесине байланыштуу 5000 (беш миң) сом өлчөмүндөгү окуу акысын төлөөнү апрель айына чейин узартууга жана сессияга кирүүгө уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

10.03.2015. Муканбетов Т.

колу

ЫМУнун Үзгүлтүксүз билим
берүү борборунун директору
ф.-м.и.к., доц. А.Жамангуловго
ЗБА-41 тайпасынын студенти
Кадырова Аселден

**Арыз.**

Маалымдама чакыруу кагазы менин дарегиме жетпей калгандыгына байланыштуу сессияга кирүүгө уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

20.02.2014. Кадырова А.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
М-21 тайпасынын студенти
Исаева Нургүлдөн

**Арыз.**

Турмуш кургандыгыма байланыштуу документтердеги фамилиям Исаеваны Абилова деп которуп коюуңузду өтүнөмүн.

Тиешелүү кагаз тиркелет (Нике күбөлүгү).

20.09.2014. Исаева Н.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
ЗЭС-22 тайпасынын студенти
Мамбетов Айбектен

**Арыз.**

Сабактарга барбай окуудан чыгарылгандыгыма байланыштуу окуугa төлөнгөн 5 000 (беш миң сом) сом өлчөмүндөгү акчаны кайтарып берүүңүздү өтүнөмүн.

10.02.2014. Мамбетов А.

колу

ЫМУнун Кыргыз
филология, педагогика жана
искусство факультетинин
деканы
ф.и.д. А.Т.Дунканаевге
ККФ-31 тайпасынын
студенти Үсөнова Айгүлдөн

**Арыз.**

Балалуу болгондугума байланыштуу VI - семестрди тапшыра албай калгам. Аталган семестрди кайра тапшырууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

20.04.2015. Үсөнова А.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
Курманалиева Назгүлдөн

**Арыз.**

Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистигинин 4-курсуна кайра кабыл алууңузду өтүнөмүн.

10.03.2015. Курманалиева Н.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
Математика жана маалымат технологиялар факультетинин КПОВ-42 тайпасынын студенти Ахмедова Мээримден

**Арыз.**

Ден соолугума байланыштуу 2015-жылдын 26-майынан тартып жайкы экзамен, зачетторду мөөнөтүнөн мурда тапшырууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

Тиешелүү кагаз тиркелет (медициналык жолдомо).

20.05.2015. Ахмедова М.

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге
М-31 тайпасынын студенти Тыналиева Аселден

**Арыз.**

Сынак китепчемдин жоголуп кеткендигине байланыштуу көчүрмөсүн алууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн.

20.09.2014. Тыналиева А.

колу

ЫМУнун Тарых жана туризм факультетинин деканы, ф.и.к., доц. К.А. Алымбековго
Т-12 тайпасынын студенти Шабданбаева Айзададан

**Арыз.**

Үй-бүлөлүк шартыма байланыштуу 2014-жылдын 12-апрелинен 15-апрелине чейин сабактардан бошотуп коюуңузду өтүнөмүн.

2.10.2014. Шабданбаева А.

колу

ЫМУнун Физика-техникалык факультетинин деканы, п.и.к., доц. Д.А. Абдулдаевге
Ф-11 тайпасынын студенти Абылов Тилектен

**Арыз.**

Ден соолугума байланыштуу 2-семестрди тапшыра албай калгам. Аталган семестрди тапшырууга уруксат берүүңүздү өтүнөмүн. Тиешелүү кагаз тиркелет (эмкананын маалымдамасы).

10.10.2014. Абылов Т.

колу

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун ректору т.и.к., доц. К.К.Абдылдаевге
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин математика факультетинин 3-курсунун студенти Жолдошов Жаркынбайдан

**Арыз.**

Кыргыз улуттук университетинин математика факультетинин 3-курсунан которулуп келгендигиме байланыштуу мени Ысык-Көл мамлекеттик университетинин математика жана маалымат технологиялар факультетинин 3-курсуна бюджеттик тайпасына кабыл алууңузду суранам.

Төмөндөгү документтерди тиркеймин:

1. КУУнин ректорунун жана математика факультетинин деканынын макулдугу берилген арыз.
2. Бюджеттик тайпада окугандыгы тууралуу маалымдама.

25.08.14. Ж.Жолдошов.

Колу

## III. Маалымдама.

**Маалымдама** – бул адамдын иштеген, жашаган жери, окуусу ж.б. ар түрдүү абалын тастыктоо үчүн жазылуучу расмий иш кагазы. Маалымдама жетекчинин атынан жеке кишиге берилет.

**Маалымдама**

Алиева Сыргага берилди, анткени ал К.Тыныстанов ат. ЫМУнун Техника-экономикалык колледжинин 2 - курсунун БД-21 тайпасынын күндүзгү бөлүмүндө контракттык негизде окуйт.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Техника-экономикалык
колледждин директору Орозбек уулу Аскар
колу

Катчы-референт Абдылдаева Н.
колу

«3» ноябрь 2014-ж.

**Маалымдама**

Каныбекова Мунарага берилди, анткени ал Экономика факультетинин бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит адистиги боюнча 1-курсунда окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Факультеттин деканы э.и.к., доц. Ч.С.Карыбаева
колу

Катчы Э.Мамыркулова
колу

«13» декабрь 2014-ж.

**Маалымдама**

Асанов Улук Саматовичке берилди, анткени ал 2012-жылы К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Экономика факультетинин бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит адистиги боюнча БА-13 тайпасында күндүзгү бөлүмүндө окуп жатат. Окуу жайын 2016-жылы аяктайт.

Маалымдама аскер комиссариатына берилет.

Факультеттин деканы э.и.к., доц. Ч.С.Карыбаева
колу

Катчы Э.Мамыркулова
колу

20.05.2014 ж.

**Маалымдама**

Осмонова Бегимайга берилди, анткени ал Математика жана маалымат технологиялар факультетинде автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программа менен камсыздоо адистиги боюнча 3-курсунда контракттык негизде окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Факультеттин деканы                    доц., м.и.к. К.Исабеков
колу

Катчы                    Абдраманова Б.
колу

20.03.2015 ж.

**Маалымдама**

Бектенова Жазгүлгө берилди, анткени, ал К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун тарых жана туризм факультетинин 5 - курсунда, КТ-51 тайпасында, күндүзгү бөлүмүндө окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет

Факультеттин деканы                    ф.и.к., доц. К.Алымбеков
колу

Катчы                    Ч. Жумаканова
колу

18.04.2015 ж.

**Маалымдама**

Талдыбаев Нурланга берилди, анткени, ал Физика-техникалык факультетинде физика адистигинин 3-курсунда бюджеттик негизде окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Факультеттин деканы                    п.и.к., доц. Абдулдаев Д.А.
колу

Катчы                    Тилекматова А.
колу

15.02.2015 ж.

**Маалымдама**

Асанова Жылдызга берилди, анткени ал Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча 3-курсунда контракттык негизде окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Факультеттин деканы проф.м.а., ф.и.д. Дунканаев А.Т.
колу

Катчы Мукамбетова А.
колу

03.10.2014 ж.

**Маалымдама**

Кубатова Фатимага берилди, анткени ал К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин 4 курсунда, ККФ-41 тайпасында күндүзгү бюджеттик бөлүмүндө окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Факультеттин деканы проф.м.а., ф.и.д. Дунканаев А.Т.
колу

Катчы Мукамбетова А.К.
колу

7.04. 2015 ж.

**Маалымдама**

Үсөнова Берметке берилди, анткени ал ЫМУнун Үзгүлтүксүз билим берүү борборунда тарых адистиги боюнча 2-курстта окугандыгы анык.

Маалымдама талап кылынган жерге берилет.

Үзгүлтүксүз билим берүү
борборунун директору ф.-м.и.к., доц. А.Жамангулов
колу

Катчы А. Сулайманова
колу

13.09.2014 ж.

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин

Окутуучусу ______________________________

Окуу жүгүнүн аткарылышынын саат боюнча төлөнүү шартына ылайык 201__-жылдын «____» № ___________ буйругунун негизиндеги

Маалымдама.

| Күнү, айы | Тайпасы | Сабактын аталышы | Сабактын түрү (дарс., лекц., практ., курстук иштер) | Сааттын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | Баары: | |
| | | | | |

ҮБББнун улук тескөөчүсү____________________________________

ҮБББнун директору ________________________________________

Окуу иштери боюнча проректор ______________________________

Төлөө эсеби __________________________________________________

Суммасы ______________________________________________________
Жазуу менен

Экономист ____________________________________________________

«_____» ___________________ 201__-ж.

# IV. Ишсапар.

## Ишсапар күбөлүгү

Мекеме менен ишканаларда иштеген кызматкерлер өндүрүш, илимий-изилдөө иштери боюнча башка мекеме менен ишканаларга, окуу жайларга, илимий борборлорго ишсапарына барууга туура келет. Мындай учурда ал кишиге кайда, кайсы жерге, эмне үчүн бара тургандыгы жөнүндө ишсапар күбөлүгү берилет.

ИШСАПАР КҮБӨЛҮГҮ

____________________________________________
(уюмдун аталышы, сапарга баруучунун кызматы)

____________________________________________
аты-жөнү

___________________________________ тарабынан

____________________________________________
(күбөлүктү берген мекеменин аталышы)

____________________________________________
(ишсапарында болуучу шаарлар, пункттар, мекемелер)

___________________________________ ЖИБЕРИЛДИ

____________________________________________
Ишсапарынын мөөнөтү 20__ - жылдын
«___» __________ күн.

____________________________________________
(ишсапарынын максаты)

Негиз:

________________________________________

____________________________________________
(документтин аты, сериясы, номуру)

М.О. КӨРСӨТҮЛГӨНДӨ ЖАРАКТУУ ДЕП ЭСЕПТЕЛСИН.
Мекеме
жетекчисинин колу ____________________________

*(2-бети)*

Ишсапарында болгондугу жөнүндө белгилер: келген жана кеткен жайлары жана күндөрү

| | |
|---|---|
| __________________ жөнөп кетти | __________________ келди |
| 20__ -ж. «___» ____________ (колу) | 20__-ж. «__» ______________ (колу) |
| М.О. | М.О. |
| ________________ жөнөп кетти | ____________________ келди |
| 20__ -ж. «___» _____________ (колу) | 20__-ж. «__» _____________ (колу) |

М.О.
Ысык-Көл мамлекеттик
университетинин окуу боюнча
проректору Р.И.Абылгазиевге
Башталгыч билим берүү
кафедрасынын башчысы,
ф.и.к., доц. Т.Байтикованын
Бишкек шаарында өткөн
ишсапары жөнүндө

М.О.
«Бекитемин»
Ысык-Көл мамлекеттик
университетинин ректору
т.и.к., доц. К.К.Абдылдаев
________________________
«____» ____________ 2014-ж.

**ОТЧЕТУ**

Мен, Т. Байтикова, 2015-жылдын 15-январынан 22-январына чейин Бишкек шаарында ишсапарда болдум. Ишсапардын учурунда Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин психология кафедрасында болдум жана кафедра мүчөлөрүнүн жумушчу программалары, силлабус, «психология» адистиги боюнча окутулуучу сабактардын өзгөчөлүгү, бөлүштүрүлгөн сааттары менен тааныштым.

Ишсапардын мезгилинде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер улуттук академиясынын «Илим» басмасында чыгарууга даярдалып жаткан «Улуттук психология» аттуу эмгегимдин макетин оңдодум. Китеп 2015-жылдын июль айында жарык көрмөкчү.

20.02.15. колу доц. Т.Байтикова

## V. Түшүнүк кат.

**Түшүнүк кат** – бул кызмат иш менен байланышкан ар кандай кырдаалдарды түшүндүрүү үчүн кызматкерлер тарабынан мекеменин, уюмдун же ишкананын жетекчисине жазылуучу расмий иш кагазы.

**Түшүнүк кат** ошондой эле кызматкер кызматтык милдетин ишке ашырып жатканда туш болгон кайсы бир кырдаалда эмне болуп өткөнүн билдирүү болуп саналат.

**Түшүнүк кат** жетекчинин талабы боюнча жазылат жана анын негизинде кызматкерге жазанын ар түрдүү чаралары көрүлөт.

ЫМУнун Экономика
факультетинин деканы
э.и.к., доц. Ч.С.Карыбаевага
Экономика, каржы жана
салык салуу кафедрасынын
улук окутуучусу Кадырова
Алинадан

**Түшүнүк.**

Үй-бүлөлүк шартыма байланыштуу жакын туугандарымдын жылдыгында болуп, өзүмдүн кыска мөөнөттүү өргүүмдөн 1 күн ашыкча кечигүүгө аргасыз болгонумду сизге билдирем.

20.09.2014-ж. колу А.Кадырова

Башталгыч билим берүү
кафедрасынын башчысы
ф.и.к., доц. Т.А.Байтиковага
окутуучу Света Исаковадан

**Түшүнүк.**

Баламдын ооругандыгына байланыштуу эмканага дарыгерге көрсөтүү үчүн баргандыктан, ишке жарым саат кечигип калдым.
Тиркеме: балдар эмканасынан берилген маалымдама.

10.11.2015. С.Исакова

Колу

Техника-экономикалык
колледжинин директору
ф.м.и.к., доц. Орозбек уулу
Аскарга
окутуучу Малаев Таланттан

**Түшүнүк.**

2015-жылдын 20-сентябрына БД-11 тайпасынын студенттери сабакка себепсиз келбегендиктен, информатика сабагы өтүлбөй калды.

20.09.15. Т.Малаев

Колу

ЫМУнун АЧИ боюнча
проректору Ж.К.Үсөновго
айдоочу А.Орозовдон

**Түшүнүк.**

Сиздин тапшырмаңызга ылайык ушул жылдын 20-июнунда Бишкек шаарындагы автобазага бизге бөлүнгөн машинанын тетиктерин алып келүүгө кеткенмин. Бирок автомашинамдын тормоздук системасы иштебей калгандыктан, жолдон кайтып келүүгө аргасыз болдум.

20.07.15. А.Орозов

Колу

## VI. Тил кат.

**Тил кат -** уюмдардан, мекемелерден же жеке жактардан акча каражаттарын же материалдык баалуулуктарды алууда, ошондой эле кандайдыр бир аракеттер болуп өткөндө кеңири колдонуулучу иш кагазы.

**Тил кат**

Мен, Тентиев Турат, ЫМУнун административдик чарбасынан убактылуу пайдалануу үчүн 6 (алты) тырмоок, 5 (беш) айры алдым.

12.12.2014-ж. колу Т.Тентиев

**Тил кат**

Мен, Математика жана маалымат технологиялар факультетинин 2-курсунун студенти Балпанова Эркингүл «Математика» кабеинетинин башчысы Молдакунова Чынарадан «Матанализ» курсунун 2 (эки) китебин алдым. Бул китептерди булгабай, айрыбай алып келип өткөрөм деп милдеттенме алам.

Китептер жаңы, айрылган жана булганган беттери жок.

13.04.15. Колу Балпанова Эркингүл
М-21 тайпасы

## VII. Сунуштама.

**Сунуштама** – тигил же бул адамды кызматка которууга же сыйлыкка көрсөтүүгө берилген иш кагазы болуп эсептелет.

Каракол шаарынын
Мэри Р.Калыгуловго

**Сунуштама**

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун жетекчилиги жана профсоюз комитети Кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын башчысы, 1996-жылдан бери эмгектенген Койлубаев Келдибек Кадырбаевичке жеке турак үй курууга жер үлүшүн бөлүп берүүнү сунуш кылат.

К.Тыныстанов ат.
ЫМУнун ректору т.и.к., доц. К.К.Абдылдаев

Бириккен профсоюздар
уюумунун төрагасы К.И.Алымбаев

**Сунуштама**

Мен, Орозбек у. Аскар, Шамырканов Мирланды 2003-жылдан бери билемин. Ушул жылдан бүгүнкү күнгө чейин К.Тыныстанова атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде бирге иштейбиз. Бул мезгилдин ичинде Шамырканов Мирлан математика илими боюнча жеткилең адис катарында таанылды, физика-математика илимдеринин кандидаты болду. Анын кандидаттык диссертациясы, бир канча макалалары илимий жактан мазмундуулугу жана тереңдиги менен айырмаланат.

М.Шамырканов илимий иштерде, ошондой эле үй-бүлөдө жана коомдук жайда өзүн токтоо кармап, маданияттуу киши катарында алып жүрөт. Өзүнө тапшырылган ишти толук, так жана акырына чейин аткарат. Тартиптүүлүгү жана кызматына болгон зор ынтызарлыгы менен жамааттын сүймөнчүлүгүнө ээ. Колледжде бир нече жыл профсоюз комитетинин мүчөсү болуп шайланып, анын ишине жигердүү катышты.

М.Шамырканов жогоруда көрсөтүлгөн активдүү ишмердүүлүгү, элге болгон адамкерчиликтүү мамилеси, терең ойлонуп изилдеген илимий иштери аны оң баалоого мүмкүнчүлүк берип, ага кандай иш тапшырылса да аткара тургандыгына ишеним билдирүүгө болот. Ошондуктан М.Шамыркановду профсоюздардын Республикалык комитетинде иштөөгө сунуштама беремин.

Техника-экономикалык
колледжинин директору доц.м.а., ф.м.и.к. Орозбек у. А.

колу

## VIII. Кулактандыруу.

**Кулактандыруу** – бул мекеменин жана уюмдун жамаат мүчөлөрүнүн кандайдыр бир иш чараны өткөрүү жөнүндө жарыя кылуусу.

### Кулактандыруу

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги отуруму 2015-жылдын 28-февралында өткөрүлөт. 14:00дө ЫМУнун 2-имараты, 313-каб. Кеңешме залы.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**:

1.2014-2015-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы боюнча окуу-тарбия иштеринин жыйынтыгы жана кезектеги милдеттер.
Баяндамачылар: окуу иштери боюнча проректор Р.И. Абылгазиев, Тарбиялык иштер боюнча проректор Н.А. Тагайбаев;
2. Илимий иштердин абалын кароо, чет өлкөлөр менен илимий окуу байланыштар жөнүндө;
Баяндамачы: Илимий иштер боюнча проректор К.Ж. Зиялиев;
3. Ар түрдүү маселелер.

26.02. 2015ж.

### Кулактандыруу

Англис жана түрк тилдерин үйрөтүү боюнча курс өзүнүн ишин 2015-жылдын 10-январынан баштайт.

Сабак бейшемби, жума күндөрү саат 15:00 дө башталат. Каалоочулар Орус филологиясы жана чет тилдер факультетине кайрылса болот.

Дареги: Абдрахманов көч. №103
ЫМУнун 4-окуу имараты тел 5-27-66

### Кулактандыруу

2014-жылдын 20-декабрында 14:00 дө Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кеңешме залында окуу-методикалык кеңешме өтөт.

**Күн тартиби:**

1. Окуу бөлүмүнүн жылдык отчету. Баяндамачы окуу бөлүмүнүн башчысы Токтакунов Ж.Ш.
2. Кышкы экзаменге даярдык. Баяндамачы окуу бөлүмүнүн башчысы Токтакунов Ж.Ш.

Дареги: Абдрахманов көч. № 103, ЫМУнун 2-окуу имараты

**Кулактандыруу**

**Кымбаттуу студенттер!**

2015-жылдын 20-апрелине Кыргыз филологиясы, педагогика жана искусство факультетинин студенттеринин арасында өткөрүлө турган. «Эне тилим, эне сүтүм» аттуу адабий-музыкалуу кече болот. Кече «Толкун» маданий-эстетикалык борборунда өткөрүлөт.

Деканат

**Кулактандыруу**

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил борбору иш кагаздарын үйрөнүү боюнча атайын сабак өтө баштайт.

Сабак жуманын шейшемби жана бейшемби күндөрү саат 16:00дө тил борборунда болот.

ЫМУнун Мамлекеттик тил борбору

## IX. Чакыруу.

**Чакыруу** бул иш кагазы коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин илимдин, искусствонун, маданияттын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн ар түрдүү салтанаттарына, маарекелерине чакыруу үчүн жана ар түрдүү чогулуштарга, конференцияларга катышуучуларды чакыруу учурунда жазылат.

***Чакыруу***

***Урматтуу Тилектеш Ишемкулович!***

Сизди К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин *75-жылдык* маарекесине карата өткөрүлүүчү марафонго чакырабыз.

Марафон 2015-жылдын 22-апрелде «Толкун» маданий-эстетикалык борборунда саат 9:00дө өткөрүлөт.

Дареги: Каракол шаары, Коенкөзов көчөсү. «Толкун» маданий-эстетикалык борбору

К.Тыныстанов ат. ЫМУнун ректораты

***Чакыруу***

***Урматтуу Рысбек Исмаилович!***

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректораты жана Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультети Сизди түрколог, лингвист, акын, котормочу ***Үсөнбек Асаналиевдин*** 80 жылдык маарекесине арналган илимий-теориялык конференцияга чакырат.

Илимий-теориялык конференция 2014-жылдын 15-ноябрында эртең мененки 9:00дө «Толкун» маданий-эстетикалык борборунда башталат.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультети

***Чакыруу***

***Урматтуу Курманбек Кыянович!***

Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана Билим жана илим министрлиги Сизди көрүнүктүү түрколог, лингвист жана Манас изилдөөчү ***Бүбүйна Өмүрзаковна Орузбаеванын*** туулган күнүнүн 90 жылдыгына арналган салтанаттуу маарекесине чакырат.

Бул мааракe 2014-жылдын 10-октябрында саат 10:00дө академиянын кеңешме залында (Чүй проспекти, 216-үй, 2-кабат) башталат.

Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын

Тил жана адабият институту  Кыргыз республикасынын  Билим жана илим министрлиги

## X. Мүнөздөмө.

**Мүнөздөмө** мекеме жетекчисинин же коомдук уюмдун атынан кызматкерге берилүүчү документ жана анда анын билими, жөндөмдүүлүгү, жалпы тартиби, жүрүш-турушу, ишке мамилеси, чеберчилиги мүнөздөлөт. Мүнөздөмө кызматкердин өтүнүчү же башка мекеме, уюмдун талабы боюнча берилет.

К.Тыныстанов атындагы
Ысык-Көл мамлекеттик
университетинин Экономика
факультетинин 5-курсунун
студенти 1989-жылы туулган
Каныбеков Жаркынбайга

**Мүнөздөмө**

Каныбеков Жаркынбай Экономика факультетинде 2011-жылдан бери окуйт. Ал атайын курстарга, дарстарга, семинардык сабактарга дайыма катышып, өзүнүн теориялык билимин тереңдетүү үчүн зор аракеттерди жасап жатат. 2011-жылы Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлгөн илимий конференцияда «Кыргыз элинин жазмасынын тарыхы» темасында атайын билдирүү жасады. Бул билдирүү жогорку деңгээлде даярдалып, факультеттин деканы Ч.С.Карыбаева тарабынан Ж.Каныбековго алкыш жарыяланды.

Студент Ж.Каныбеков факультеттин коомдук иштерине активдүү катышат. Мындан сырткары, ЖОЖдор арасында «Эне тилим – эне сүтүм» конкурсунун жигердүү катышуучусу болуп, факультеттин аброюн көтөрүүдө салмактуу салымын кошту.

Студенттер арасында кадыр-баркка ээ жана башкаларга жардам көрсөтүүгө аракет кылат, аларга камкордук көрөт. Ал - факультеттин студенттик кеңешинин төрагасы жана тайпанын старостасы.

Бул мүнөздөмө Жаркынбай Каныбековго Президенттик стипендияга талапкер катары сынакка катышуу үчүн берилди.

Факультеттин деканы  колу  э.и.к., доц. Ч.С.Карыбаева

Катчы  Мамыркулова Э.

колу

15.12.2014-ж.

**Мүнөздөмө.**

Каракол шаарынын №38 - орто мектебинин бүтүрүүчүсү Бейшеев Адилет, 1991-жылы туулган, улуту кыргыз.

Бейшеев Адилет №38 - мектепте 1997-жылдан бери окуду. Бул учурда ал алдына билим алуу максатын коюп, өзүн жакшы жагынан гана көргөзө алды. Бардык сабактарды бирдей жакшы өздөштүрүп, дайыма сабактарга даярдык менен келип класста активист окуучулардын бири болду. Ал өзгөчө гумманитардык предметтерге абдан кызыгат. Мектеп ичинде класс аралык предметтик олимпиадалардын жеңүүчүсү, шаардык олимпиадалардын катышуучусу жана бир нече ирет алардын жеңүүчүсү боло алды.

А.Бейшеевдин мүнөзү токтоо, оор басырыктуу. Өзүнүн токтоо, сылык жүрүм-туруму менен айырмаланып, окуучулар арасында зор кадыр-баркка ээ. Ошондой эле мектептин коомдук иштерине жигердүү катышты. Мектепте өткөрүлүлүүчү конференциялар, кечелер, класс аралык конкурстарга дайыма катышып, башка окуучулардан айырмаланып, жогорку интеллектуал катары көргөзө алды. Ал классында староста, өзүнүн классташтарына дайыма жардам көрсөтөт, аларга камкордук көрөт. Адилет классынын аброюн көтөрүүдө өзүнүн салмактуу салымын кошо алды.

Бардык сабактарды тырышчаактык менен окугандыгы коомдук иштерге активдүү катышкандыгы жана үлгүлүү жүрүм-туруму үчүн мектептин дирекциясы А.Бейшеевди «Ардак грамота» менен сыйлаган.

Бул мүнөздөмө А.Бейшеевге жогорку окуу жайына тапшыруу үчүн берилет.

Мектептин директору Сарыбаев Б.У.

колу

Класс жетекчиси Мусаев К.Т.

колу

29.06.2008.

М.О.

## XI. Өмүр баян

**Өмүр баян** – бул адам тарабынан өз колу менен жазылган эркин формада белгилүү убакыттын аралыгында адам басып өткөн эмгек жолу жөнүндө баяндоочу иш кагазы. Өмүр баянды жазуунун кандайдыр бир тартипке салынган түрү болбойт, баяндоо сапаты жазуучунун чеберчилигине жараша болот.

**Өмүр баян**

Мен, Ишенов Максат, 1964-жылы 11-ноябрда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Барскоон айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгам. Атам – Ишенов Касым, апам – Ишенова Жибек. Алар азыркы учурда Барскоон айылында эмгектенишет, «Дөөлөт» дыйкан чарбасынын мүчөлөрү. Мен 1971-жылы Барскоон орто мектебинин биринчи клыссына кирип, мектепти 1981-жылы аяктагам. Ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында, Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетине тапшырдым. 1983-1985-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөдүм.

1985-жылы университете окуумду улантып, анны 1988-жылы ийгиликтүү аяктап, тарых мугалими кесибине ээ болдум.

1988-жылдан өзүмдүн эмгек жолумду Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылындагы Макаренко орто мектебинде тарых жана коом таануу мугалими болуп иштөөдөн баштадым. 1991-жылдан тартып мектепте директордун тарбия иштери боюнча орун басары болуп иштедим.

1999-жылы Кыргыз билим берүү институтуна илимий кызматкер жумушуна которулуп, ошол эле жылы аталган институттун аспирантурасынын сырттан окуу бөлүмүнө документтеримди тапшырдым.

2002-жылдан бери К.Тыныстанов атындагы Ыск-Көл мамлекеттик университетинде Тарых жана туризм факультетинин Жалпы тарых кафедрасында иштеп келе жатам. 1988-жылы Элге билим берүүнүн отличниги наамын алып, 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланганмын.

Үй-бүлөлүүмүн. Аялым – Жумабаева Айгүл 1966-жылы туулган. Каракол шаарындагы Мамкаттоодо эсепчи болуп иштейт. Кызым – Айжамал, уулум – Элдос №4 – орто мектепте окушат.

Үйүмдүн дареги: Каракол ш. Жусаев атындагы көчө, 68 – үй, 29-кв. телефонум: 4-71-32

Ишенов Максат

колу 12.05.2008

## XII. Таржымал.

**Карымшакова Алтынай Таалайбековна**

| | |
|---|---|
| Туулган жылы, жери | 1988-жылы 19-июнь Түп районунун Ой-Булак айылы |
| Билими | 1995-2006 жж. Салих Исмаев мектеби<br>2006-2011 –жж. – К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин филология, педагогика жана журналистика факультети |
| Адистиги | Кыргыз тили жана адабияты мугалими |
| Иш тажрыйбасы | 2011-2012-жж. Каракол шаарындагы Билимстан Балдар Борборунда кыргыз тили жана адабияты мугалими<br>2013-ж. – ЫМУнун кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинде катчы. |
| Кызыгуусу | Чет тилдерди үйрөнүүгө |
| Тилдерди билиши | Кыргыз тили, орус тили |
| Компьютердик сабаттуулугу | Microsoft office word |
| Үй-бүлөлүк абалы | Бойдок |
| Жашаган жери | Каракол шаары,<br>Мкр. Восход 11 үй, 39 кв. |
| Байланыш телефону | +996 0773 54 88 99 |

## XIII. Алака. (отношение, катнаш)

**Алака** – бир мекеме экинчи бир мекемеге бир маселе жөнүндө билдирип, жардам же суроо иретинде кайрылуучу иш кагазы

К.Тыныстанов атындагы
Ысык-Көл мамлекеттик
университетинин
Экономика факультетинин
деканы Ч.С.Карыбаевага

**Алака (отношение)**

МД-41, БА-43 тайпасынын студенттери Каныбекова Мунара жана Баженова Эльвираны өндүрүштүк практикасын өтүүгө «Ишмер» насыя кошуунуна (кредиттик союзуна) 2015-жылдын 26-февралынан 24-мартына чейин жиберүүңүздү өтүнөм.

Башкармалыктын төрайымы Ч. Рахманова

колу, мөөрү 02.02.15.

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору,
т.и.к., доц. К.К.Абдылдаевге

**Алака**

Күзгү түшүм жыйноо жумуштарына (картөшкө, алма) жардамга студенттериңизден жиберүүңүздөрдү суранабыз (200/эки жүз адам). Биз студенттердин эмгек акысын төлөп берүү менен Сиздерге айыл чарба продуктыларынан беребиз.

Бул алакабызды Келишим иретинде эки тараптуу бекитип коюуга чакырабыз.

«Челпек» ачык акционердик
коомунун директорлор

кеңешинин төрагасы К. Жусупов
колу, мөөрү

## XIV. Билдирүү. (рапорт)

**Билдирүү –** пландын, берилген ар кандай тапшырманын аткарылгандыгы, айрым бир иш чараларды жыйынтыкталгандыгы, суроо, өтүнүч, кайрылуу, сунуш ж.б. иретинде жогорку жакка (инстанцияга) жиберилген расмий иш кагазы.

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору,
доц., т.и.к. К.К.Абдылдаевге

**Билдирүү**

Төмөндөгү Экономика факультетинин контракт бөлүмүнүн студенттерин 2014 – 2015-окуу жылынын окуу планын толук аткаргандыгы жана окуу акысын төлөгөндүгүнө байланыштуу курстан курска которуп коюуңузду өтүнөм.

Факультеттин деканы доц., э.и.к. Ч.С.Карыбаева
колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору,
доцент, т.и.к.
К.К. Абдылдаевге

**Билдирүү**

Математика жана маалымат технологиялар факультетинин төмөндөгү студенттерин 2013 – 2014-окуу жылынын жайкы зачет-экзамендик сессиясынын жыйынтыгы боюнча академиялык карыздары үчүн окуудан чыгарууңузду өтүнөм.

Факультеттин деканы доц., ф.-м.и.к. К.Исабеков
колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору, т.и.к.,
доцент К.К. Абдылдаевге

**Билдирүү**

Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин 5-курсунун бюджет (конракт) бөлүмүнүн студенттерин окуу планын толук

аткаргандыгына жана Мамлекеттик экзамендерди ийгиликтүү тапшыргандыгына байланыштуу окуудан чыгарып жана белгиленген үлгүдөгү дипломдорун берүүгө уруксат берүүңүздү өтүнөм.

540304 «Англис тили» адистиги боюнча:

540304 «Орус тили жана адабияты» адистиги боюнча:

Факультеттин деканы проф., ф.и.д. С.Н.Абдуллаев

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору,
доцент, т.и.к.
К.К. Абдылдаевге

**Билдирүү**

Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин төмөнкү окутуучуларын

1. улук окутуучу - А.Ийсаеваны
2. улук окутуучу - Ү.Мусаеваны
3. улук окутуучу - Н. Асанбаеваны

17.08.14. баштап өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу эмгек эс алуусунан чакыртып, эс алуусун кийин узартууга уруксат берүүңүздү өтүнөм.

Факультеттин деканы проф., ф.и.д. С.Н.Абдуллаев

колу

К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору,
доцент, т.и.к.
К.К. Абдылдаевге

**Билдирүү**

Англис тилинин теориясы кафедрасынын улук окутуучусу Ү.Мусаеваны 1.09.14. тартып декандын окуу тарбия иштери боюнча орун басары кылып дайындооңузду өтүнөм.

Факультеттин деканы                    проф., ф.и.д. С.Н.Абдуллаев
колу

## XV. Буйрук.

**Буйрук** − бул жетекчи тарабынан чыгарылуучу иш кагазы. Буйрукта жогорку уюмдардан түшкөн же аткарууга милдеттүү ар кыл көрсөтмөлөр же иш чаралар болот. Буйруктар мекемелердин жана ишканалардын өзүнүн негизги жана күнүмдүк милдеттерин жана иш чараларын чечүү үчүн колдонулат. Буйрук мекеменин негизги тапшырмалары, жеке кызмат адамдары же жеке кызматкери менен байланыштуу маселелерди чечүү үчүн жазылат.

**Ысык-Көл мамлекеттик университети**
**Буйрук № 18.**

1-сентябрь. 2014 жыл.

Доцент, т.и.к. Ж.Токтакунов 2014-жылдын сентябрь айынан тартып 7 000 (жети миң) сомдук айлык акы менен окуу-инспекциялык бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалсын.

Негизи: окуу иштери боюнча проректордун билдирүүсү.

**Ысык-Көл мамлекеттик университети**
**Буйрук № 19.**

1-сентябрь. 2014-жыл.

Алымбаев Кенжебек мамлекеттик тилди өнүктүрүү иштери боюнча 2014-жылдын 10-сентябрынан тартып 3 000 (үч миң) сом айлыгы менен проректор болуп дайындалсын.

Негизи: өз арызы.

**Ысык-Көл мамлекеттик университети**
**10-ноябрь,2014-жыл №16**
**Буйрук.**

Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин 2-курсунун студенти Жайлообаев Кубаныч эки ай (сентябрь-октябрь) бою себепсиз окууга келбегендигине байланыштуу окуудан чыгарылсын.

Негизи: декандын билдирүүсү.

**№ ______ буйруктан көчүрмө**

ЫМУ боюнча
Контракт «_____» __________ 20__ ж.

Акматова Нургүл кыргыз тили жана адабияты адистигине Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун ЗКФ-31 тайпасына кайрадан кабыл алынсын.

Негизи: өз арызы.

Анык ______________
колу

**№ ______ буйруктан көчүрмө**

ЫМУ боюнча
бюджет «_____» __________ 20__ ж.

Асанов Нурлан башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистигинин П-21 тайпасына которуу жолу менен киргизилсин.

Негизи: өз арызы.

Анык ________________
колу

**№ ______ буйруктан көчүрмө**

ЫМУ боюнча
бюджет «_____» __________ 20__ ж.

Ашымова Мира ЫМУнун орус тили жана адабияты адистигине Р-21 тайпасына которулсун.

Негизи: өз арызы.

Анык _____________
колу

**№ ______ буйруктан көчүрмө**

**ЫМУ боюнча**
**Контракт «_____» __________ 201__ ж.**

Болотов Асек электркамсыздоо адистигинин күндүзгү окуу бөлүмүнөн электркамсыздоо адистиги боюнча ЗЭС-51 тайпасына Үзгүлтүксүз билим берүү борборуна которулуу жолу менен киргизилсин.

Негизи: өз арызы.

Анык ________________
колу

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги**
**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети**

**15-сентябрь. 2014-ж.** **Каракол шаары.**

Студенттердин өздүк курамы боюнча университеттен чыгаруу жөнүндө

**№ 83 буйрук.**

2014-2015-жылдын окуу планын аткарбагандыгына байланыштуу филология факультетинин 3-курсунун студенттери:

1. Арзиев Азамат
2. Мусаев Эрмек университеттен чыгарылсын.

Негизи: окуу бөлүмүнүн маалыматы.

Ректор (колу) ____________________________
Декан (колу) ____________________________
КБ башчысы (колу) ____________________________

**Ысык-Көл мамлекеттик университети**

20.08.2014-ж. Каракол шаары.

**Буйрук**

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 23 жылдыгын майрамдоо боюнча иш чаранын өткөрүү жөнүндө.

31-августта «Эгемендүүлүк күнү» майрамын салтанаттуу өткөрүү максатында буйрук кыламын:

1. Салтанаттуу иш чара 31-августта саат 9:00дө университеттин алдындагы аянтта өткөрүлсүн.
2. «Толкун» маданий-эстетикалык борборунун директору К.Борбодоев куттуктоо кагаздарын, сыйлыктарды даярдасын жана бул тууралуу бардык факультеттин декандарына кабарласын.
3. Ар бир факультеттин кызматкерлеринин күчү менен майрамдык концерт өткөрүлсүн.
4. Ар бир факультеттин кызматкерлери майрамдык демонстрациядан өтүшсүн.
5. Бул иш чараларды өткөрүү «Толкун» маданий-эстетикалык борборунун директору К.Борбодоевге жүктөлсүн.

ЫМУнун ректору доц., т.и.к. К.К.Абдылдаев

**ЫМУ боюнча**
**Буйрук № 18-23**

10.03.14.

&1

| | |
|---|---|
| Ишембекова Нүргүл Турсунгазиевна | - 10.03.14. баштап тарых жана ОУ кафедрасына окутуучулук кызматка кабыл алынсын (МКК 11107197100494)<br><br>Негизи: өз арызы. |

&2

| | |
|---|---|
| Иманбаев Аскар Асангазиевич | - Дене тарбия жана ОУ кафедрасынын доценти, п.и.к. 2013-2014 - окуу жылы үчүн 56 күн, 2014-2015 – окуу жылы үчүн 56 күн пайдаланылбай калган эмгек эргүү күндөрү үчүн акчалай компенсация төлөө менен 10.03.14. окуу иштери боюнча проректор кызматынан өз каалоосу менен бошотулсун.<br><br>Негизи: өз арызы. |

&3

| | |
|---|---|
| Жаныбекова Нурияга | - Биология кафедрасынын лаборантын 06.03.14.-20.03.14. күнгө 2014-2015 – окуу жылы үчүн эмгек өргүү берүү жолу менен 06.06.13. чейин жашка толо элек баласын багуу боюнча эмгек маянасы сакталбаган өргүү берилсин. |

Негизи: өз арызы, туулгандыгы тууралуу күбөлүк.

&4

Исакова Е.
Проскуракова Е.

-Дене тарбия жана ОУ кафедрасынын окутуучуларын Пекин жана Алматы шаарларына дзюдо боюнча өтө турган эл аралык лицензиялык турнирге жана машыгуу ишине кетип жаткандыктан 10.03.14төн 20.03.14кө чейин эмгек акысы сакталуу менен жумуштан бошотулсун.

Негизи: дене тарбия жана ОУ кафедрасынын башчысы А.Усуповдун билдирүүсү.

&5

Ж.Асанкановага

- Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасынын окутуучусу Абдылдаеванын эмгек акысы сакталбаган өргүүгө кетип жаткандыгына байланыштуу 435 саат (0,51) көлөмдөгү контракт боюнча окуу жүгү 01.03.14төн баштап берилсин

Негизи: Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасынын башчысы А.Орозобаевдин билдирүүсү

| | | |
|---|---|---|
| Ректор | ___________ | доц. К.К.Абдылдаев |
| КБнын башчысы | ___________ | С.С.Абдыкалыкова |
| Юрист кеңешчи | ___________ | Р.Касымалиев |

&6

Узакова Кыял
Мырзабековна

- 2014-жылдын 12-мартынан тартып «Экономика, каржы салык салуу» кафедрасына окутуучулук

кызматка кабыл алынсын.
Негизи: өз арызы, кафедра башчысынын макулдугу.

&7

Ампилова Ирина - ден соолугуна байланыштуу 12-ноябрь 2014-жылдан 9-март 2015-жылга чейин иштеген мөөнөтүнө компенсация төлөө менен 2015-жылдын 10-мартынан тартып жумуштан бошотулсун.

Негизи: өз арызы, АЧИ боюнча проректордун макулдугу.

&8

Малаев Эмилге - «Экономика, каржы жана салык салуу» кафедрасынын окутуучусу Н.Жакыпованын кызматынан бошонуп кеткендигине байланыштуу ФК-13 тайпасынын кураторлук милдети берилсин.

Негизи:
Факультеттин деканы, доц., э.и.к. Ч.Карыбаеванын билдирүүсү.

&9

Муталипова Шаходатка - Тарых жана туризм факультетинин РК-51 тайпасынын студентине «Негизги кытай тили» жана «Жалпы профессионалдык адистиктер боюнча комплекстүү экзамен» деген сабактар боюнча мамлекеттик экзамен тапшырууга 2014-жылдын 22-майынан тартып уруксат берилсин.

Негизи: өз арызы.

Окуу иштери
боюнча проректор ___________ доц. Р.И.Абылгазиев
КБ башчысы ___________ С.С.Абдыкалыкова

**ЫМУнун конракт бөлүмү боюнча**
**№ 18-43 Буйругу**

| | |
|---|---|
| Ибраев Кубанга - | Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин ККФ-52 тайпасынын студентине «Кыргыз адабиятынын тарыхы», «Тилди жана адабиятты окутуунун усулу» сабактары боюнча мамлекеттик экзамендерин тапшыруу 2015-жылдын 26-майынан тартып уруксат берилсин |

Негизи: өз арызы.

**ЫМУнун конракт бөлүмү боюнча**
**№ 18044 Буйругу**

&1

| | |
|---|---|
| Орозова Аида- | Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин П/КН-32 (немец тили) тайпасынын студентин 167 саат сабактарды себепсиз калтыргандыгы үчүн 2015-жылдын 16-мартынан окуудан чыгарылсын. |

Негизи: декандын билдирүүсү.

&2

| | |
|---|---|
| Касымбекова Радизага | Математика жана маалымат технологиялар факультетинин ПОВ/КПОВ-51 тайпасында «Информатика» адистиги боюнча мамлекеттик экзаменди тапшыруу боюнча № 18-42 – буйругу менен уруксат берилсин |

Негизи: декандын билдирүүсү.

&3

| | |
|---|---|
| Молдогазиева Элмирага- | Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин ККФ-52 тайпасынын студентине «Тилди жана адабиятты окутуунун усулу» жана «Адабиятынын тарыхы» сабактары боюнча мамлекеттик экзаменди тапшыруу үчүн 2015-жылдын 13-майынан уруксат берилсин. |

Негизи: декандын билдирүүсү.

&4

| | |
|---|---|
| Алиева Назирага- | Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин КИ-52 тайпасынын студентине чет тили (англ). адистиги боюнча мамлекеттик экзаменди кайрадан тапшыруу үчүн 2014-жылдын 16-майынан уруксат берилсин. |

Негизи: декандын билдирүүсү.

&5

| | |
|---|---|
| Сабаев Темирбекке - | Тарых жана туризм факультетинин ИФ/КИФ-51 тайпасынын студентине «Кыргызстандын тарыхы» сабагы боюнча мамлекеттик экзаменди кайрадан тапшыруу үчүн 2015-жылдын 19-майынан уруксат берилсин. |

Негизи: декандын билдирүүсү.

**ЫМУнун контракт бөлүмү боюнча**
**№ 18-47 – буйругу**

&1

Усупжанова Бурул — Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун ЗМД-11 группасынын студентин өз каалоосу менен 2014-жылдын 20-майынан окуудан чыгарылсын.

Негизи: өз арызы.

&2

Осмонов Рахимжан — Математика жана маалымат технологиялар факультетинин М/КМ-52 тайпасынын студентин финансылык карызы үчүн 2014-жылдын 21-майынан студенттин катарынан чыгарылсын.

Негизи: декандын билдирүүсү.

&3

Эсенбаева Мунаркүлгө- — Табигый илимдер, экология жана дене тарбия факультетинин Б/КБ-31 тайпасынын студентине балалуу болгондугуна байланыштуу 2014-жылдын 20-майынан 2015-жылдын 1-апрелине чейин академиялык өргүү берилсин.

Негизи: өз арызы, баланын туулгандыгы тууралуу маалымдама.

&4

Табалдиева Нурзатка — Тарых жана аймак таануу факультетинин ИФ/КИФ-32 тайпасынын студентине ден соолугуна байланыштуу 2015-жылдын 26-майынан тартып жайкы зачет, экзамендерин мөөнөтүнөн мурда тапшырууга

уруксат берилсин.

Негизи: өз арызы, медициналык жолдомо.

**ЫМУнун конракт бөлүмү боюнча**
**№ 18-51 Буйругу**

&1

Тарых жана туризм факультетинин төмөндөгү студенттерин 2014-2015-окуу жылында окуу планын толук аткарып, «Социалдык-маданий сервис жана туризм» адистиги боюнча белгиленген үлгүдөгү дипломдор берилгендиктен окуудан чыгарылсын.

ПТ/КТ-51 тайпасы

1. Акунова Гүлзар
2. Байгазаков Дамир
3. Бектуров Тынчтыкбек
4. Деркембаев Нурдин
5. Жанузакова Асел (артыкчылык диплом)
6. Сыдыкова Элзана.

ПТ/КТ-52

1. Ильяз уулу Канат
2. Модуева Мира
3. Поликарпов Роман
4. Торопкина Маргарита

Негизи: декандын билдирүүсү.

&2

| | |
|---|---|
| Токтобаев Асанбекке | Экономика факультетинин БА-51 тайпасынын студентине сынак китепчесин жоготкондугу үчүн сөгүш берүү менен сынак китепчесинин көчүрмөсү берилсин. |

Негизи: декандын билдирүүсү.

&3

| | |
|---|---|
| Бурма Анатолий- | Физика–техникалык факультетинин КАС-32 тайпасынын студентин сабактарды себепсиз калтыргандыгы үчүн (IV семестр 210 саат) 2014-жылдын 29-майынан окуудан |

чыгарылсын.

Негизи: декандын билдирүүсү.

&4

Анисимова Ольга — Физика-техникалык факультетинин Ф/КФ-52 тайпасынын студентине турмушка чыккандыгына байланыштуу фамилиясы Прохоренко болуп өзгөрүлсүн.

Негизи: өз арызы, нике тууралуу күбөлүк, паспортунун көчүрмөсү.

&5

Асанбай уулу Улан- Тарых жана туризм факультетинин РК-41 тайпасынын студентинин фамилиясы Асанбаев Улан Асанбаевич болуп өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу документтери өзгөрүлсүн.

Негизи: өз арызы, фамилияны өзгөртүү жөнүндөгү маалымдама, паспорттун көчүрмөсү.

**ЫМУнун конракт бөлүмү боюнча**
**№ 1890 Буйругу**

Төмөндөгү студенттер өз каалосу менен окуудан чыгарылсын.

Искаков Асел- 2014-жылдын 23-сентябрынан Тарых жана туризм факультетинин РК-31 тайпасынын студенти.

Бейшенова Нуржаш- ПИ/КИ-32 тайпасынын студенти Орус филологиясы жана чет тилдер факультети.

Акматов Адилет- КПОВ-42 тайпасынын студенти Математика жана маалымат

технологиялар факультети.

Негизи: өз арыздары.

&2

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун тесттик сынак кабыл алуу коммисиясынын жыйынтыгына ылайык төмөндөгү чет жерден келген абитуриенттерди конракт боюнча күндүзгү бөлүмдүн «Англис тили» адистигине 1-курска кабыл алынсын:

1. Фсуф Тургут
2. Чоплар Булут
3. Мухаммат Аксакалы

Негизи: кабыл алуу коммисиясынын жооптуу катчысынын билдирүүсү.

&3

| | |
|---|---|
| Абыкасый кызы Акакка | Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин ККФ-21 тайпасынын студентине үй-бүлөлүк шартына байланыштуу 2014-2015 - окуу жылына академиялык өргүү берилсин. |

Негизи: өз арызы.

&4

Орус филологиясы жана чет тилдер факультетинин төмөнкү студенттерин 2013-2014 – окуу жылында жайкы зачет-экзамендик сессияны тапшыргандыктан 2014-жылдын 12-сентябрынан курстан курска көчүрүлсүн:

1. Асанова Айгүл – Р/КР-21
2. Какенов Каныбек – Р/КР-21

Негизи: декандын билдирүүсү.

| | |
|---|---|
| Кермалиев Рахат Сүйүнбекович - | Экономика жана туризм факультетинин деканынын милдетин аткаруучу жана туризм кафедрасынын доцентин Финляндия Республикасына докторлук иши менен кетип жаткандыгына байланыштуу 2014-жылдын 10-январынан кызматынан бошотулсун. |

Негизи: өз арызы.

| | |
|---|---|
| Асанбеков Иса- | География кафедрасынын башчысын 2015-жылдын 11-январынан тартып, Табият таануу, экология жана дене тарбия факультетинин деканынын милдетин аткаруучу кызматка дайындалсын. |

Негизи: окуу иштери боюнча проректордун билдирүүсү.

| | |
|---|---|
| Алымбаев Кенжебек Ишенбаевичке | Мамлекеттик тил боюнча проректоруна 2014-жылдын 14-январынан 13-февралына чейин эмгек өргүү берилсин. |

Негизи: өз арызы.

| | |
|---|---|
| Романова Гүлмира | Бюджет боюнча (убактылуу Акматбаеванын ордуна) 1-категориядагы китепканачы кызматына 2014-жылдын 10-январынан кабыл алынсын. |

Негизи: өз арызы.

| | |
|---|---|
| Барманов Жээнбекке | №4 окуу имаратынын коопсуздук кызматкерине 2014-жылдын 10-январынан эмгек өргүү берилсин. Коопсуздук кызматынын жоопкерчилиги Усупбаев Болотко жүктөлсүн. |

Негизи: Коопсуздук кызматынын башчысынын билдирүүсү.

| | |
|---|---|
| Сабатаров Бейшенбек- | Дене тарбия жана аны окутуунун усулу кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучусун 2014-жылдын 1-январынан тартып, 18 күн пайдаланылбаган эмгек өргүүсүнө акчалай компенсация төлөө менен кызматынан |

бошотулсун.

Негизи: өз арызы.

Кожомуратов Алмаз- Философия кафедрасынын окутуучусу АКШнын Вирджиния штатындагы Джорж Майсон атындагы университетке «Социология» багыты боюнча окууга кетип жаткандыктан, 2014-жылдын 28-мартынан 2015-жылдын 10-январына чейин эмгек акысы сакталган өргүү берилсин.

Негизи: өз арызы, чакыруу.

Турсунбаева Айганыш- Илим жана Эл аралык байланыштар бөлүмүнө илимий кызматкер кылып бюджеттик негизде 0,5 ст. менен 2014-жылдын 1-февралынан кабыл алынсын.

Негизи: өз арызы.

Сариева Гүлмирага Биология кафедрасынын ага окутуучусуна баласы 1 жарым жашка чыкканга чейин 2014-жылдын 5-январынан 2015-жылдын 25-мартына чейин эмгек маянасы сакталбаган өргүү берилсин.

Негизи: өз арызы, баланын туулгандыгы жөнүндө күбөлүк.

Турусбекова Нүргүл- Жатакананын эшик кайтаруучусу (вахтер) №1 окуу имаратына 1 ай сынак мөөнөт менен 2015-жылдын 1-февралынан коменданттык кызматка бюджет боюнча которулсун.

Негизи: өз арызы.

Башталгыч билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу М.А.Абдрашитова ишке чыкканга чейин анын окуу жүгү 2015-

жылдын 1-февралынан тартып, төмөндөгү окутуучуларга бөлүштүрүлсүн:

1. Абдыкеримова А.Ш. – улук окутуучу бюджет боюнча 139 саат (0,016 ст.), конракт боюнча 126 саат (0,14 ст.)

2. Ильязов Д.М. – улук окутуучу контракт боюнча 126 саат (0,14 ст.).

Негизи: кафедра башчысынын билдирүүсү.

| | |
|---|---|
| Түмөнбаев Султанбек | Дене тарбия кафедрасынын улук лаборантына эмгек акысы сакталуу менен 2014.01.04. - 2014.30.04. чейин зачет-экзамендик сессиясына катышуу үчүн кошумча өргүү берилсин. |

Негизи: өз арызы, Ж.Баласагын атындагы КУУнин чакыруусу.

Т.К.нын (техникалык кадрлар) 81-беренесине ылайык, от жагуу мезгили аяктагандыктан, төмөндөгү жумушчулар 12 календарлык күнүнө акчалай компенсация төлөө менен кызматынан бошотулсун.

1. Киреева Мария - №2 окуу имаратынын кийим илгичинин жумушчусу (гардеробщица).

2. Мальенко Вера - №2 окуу имаратынын «Аристон» системасынын оператору.

Негизи: өз арыздары.

# XVI. Көрсөтмө.

**Көрсөтмө (распоряжение)** – жетекчи тарабынан ыкчам чечүүнү талап кылган маселелерди бир жерден чечүү үчүн чыгарылуучу буйрук иш кагазы.

Көрсөтмө мекеменин иш кагазына басылат. Бул дагы буйрук түрүндө, адатта тема коюлуп жазылат. ***«Жүктөймүн»***, ***«Сунуш кыламын»***, ***«Милдеттендирем»*** деген сөздөр менен аяктайт.

**Ысык-Көл мамлекеттик университети**
**Көрсөтмө (распоряжение) № 162.**

2014-жыл. 12 декабрь, Каракол ш.

Милдеттендирем:

1. Университетте бардык кызматтарда, факультеттерде жана кафедраларда 2014-жылдын 20-декабрынан «Университетте башкаруу тутуму. Уюштуруу – буйрутма иш кагазы» (СТП 02-401) стандарты киргизилсин.
2. Университеттин окуу иштери боюнча проректору Р.И.Абылгазиев 2014-жылдын 20-декабрынан баштап, докторлор жана кандидаттар арасында СТП 02-401 ди окутуу боюнча сабак уюштурсун.
3. Университеттин тарбия иштери боюнча проректору Н.А.Тагайбаев уюштуруу, башкаруу иш кагазынын бланкын, типтүү иш кагаздарынын формаларын көбөйтүүнү уюштурсун.

Буйрутманы аткаруунун көзөмөлдөө университеттин окуу иштери боюнча проректору Р.И.Абылгазиевге жүктөлсүн.

ЫМУнун ректору　　　　доц. К.К.Абдылдаев

Юрист кеңешчи　　　　Р. Касымалиев

20.12.2014-ж.
05-14　　　　Кызматкерлер таанышты.

27.12.2014-ж.　　　　________________
колу

**К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети**

**Көрсөтмө №182.**

Каракол ш. 2014-жыл. 10-январь.

Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү киргизүүгө байланыштуу

Милдеттендирем:

1. Университеттин бардык кызматтарында, факультеттерде жана бардык түзүмдүк бөлүмдөрдө 2014-жылдын 1-февралынан «Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү» киргизилсин.
2. Мамлекеттик тил борбору (М.Исаев) 2014-жылдын 1-февралынан тартып кызматкерлер жана профессор-окутуучулар арасында «Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү» боюнча окутууну уюштурсун.
3. Университеттин кеңсе башчысы С. Иязбекова «Жеке уюштуруу иш кагаздарынын» жана «Уюштуруу-көрсөтмө иш кагаздарынын» бланктарын жана түрлөрүн көбөйтүүнү уюштурсун.
4. Көрсөтмөнү аткарууга көзөмөлдүк тарбия иштери боюнча проректор Н.Тагайбаевге жүктөлсүн.

Ректор доц. К.Абдылдаев

Юрист кеңешчи Р.Касымалиев

2014.10.01.

# XVII. Протокол.

**Протокол** – чогулуштардын катышуучуларынын курамы, анда чыгып сүйлөгөндөрдүн сөздөрү, бул чогулушта кабыл алынган чечимдердин же токтомдордун мазмуну.

**Педагогика жана психология кафедрасынын**
**2014-жылдын 25–октябрындагы өткөрүлгөн кеңешинин**
**№ 2 протоколу.**

**Катышкандар**: Кафедра мүчөлөрү.

**Каралуучу маселелер:**

1. Окутуучулардын эмгек тартибин жана окуу процессинин жүрүшүн, лекциялык, семинардык-практикалык сабактардын сапатын көзөмөлгө алуу.
2. Курстук иштин темаларын талкуулоо жана бекитүү.
3. Педагогикалык жана психологиялык сабактар боюнча модулдук суроолорду модернизациялоо.
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе** боюнча кафедра башчысы, проф.м.а., п.и.д. Дюшеева Н.К. сөз сүйлөдү. Сиздерге сунуш кылынган кафедрадагы жаңы окуу жылындагы окутуучулардын окуу процессинин жүрүшүн, лекциялык, семинардык–практикалык сабактарынын сапаттуу өткөрүлүшүн көзөмөлгө алуу университеттин окуу бөлүмү тарабынан талап кылынаары бардыгыбызга белгилүү. Биздин окутуучулар тарабынан бузуулар болгон жок. Сабакты сапаттуу өтүү маселесин чечүү үчүн окутуучулардын өз ара сабактарга катышуу жана ачык сабактарынын иреттери түзүлгөн. Бул боюнча жылдагыдай өз ара сабактарга катышып, сабактарга анализ жазыңыздар.

**2-маселе** боюнча кафедра башчысы Дюшеева Н.К. илимий-методикалык секторго жооптууларга сөз узатты.

Ага окутуучулар Иманбакаева М.Г., Чолпонкулова Н.Т.

Урматтуу окутуучулар азыркы учурда кафедрада курстук иштердин темасы быйылкы окуу жылына ылайыкталып кайрадан иштелип чыкты, курстук иштердин темасы менен буга чейин тааныштыңыздар. Жылдагыдай эле бардык педагогикалык адистиктердин 3-курстарына ким сабак берсе толук тизмелерин бериңиздер. Ал тизмелер боюнча ар бир окутуучунун окуу жүгүнө жараша студенттерди бөлүштүрөбүз жана курстук иштин

тематикасын бекитебиз.

**3-маселе** боюнча кафедра башчысы, проф.м.а. Дюшеева Н.К. сөз сүйлөдү.

Быйылкы окуу жылында окулуучу сабактар боюнча окутуучуларга модулдук суроолорду жана алар боюнча билим сапатын көзөмөлдөө бөлүмүнүн талабына ылайык ар бир модулга 40 суроодон тесттерди түзүү тапшырылган. Экзамендердин билеттери да түзүлгөн. Ар бир окутуучу суроолорду жана билеттерди жогорку окуу жайдын талабына жооп бергидей кылып түзүшкөн. Ушул маселени кафедранын кеңешинде бекитилишине кафедра башчысы окутуучуларга сөз узатты. Бул сунушту кафедранын мүчөлөрү толугу менен колдошту.

**Педагогика жана психология кафедрасынын кеңешмеси жогорулардын негизинде**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Окутуучулар тарабынан лекциялык, семинардык-практикалык сабактар көзөмөлгө алынсын.
2. 2014-2015 - окуу жылында аткарылуучу курстук иштин темалары бекитилсин.
3. 2014-2015 - окуу жылында педагогика жана психология сабактары боюнча түзүлгөн модулдук суроолор жана экзамендин билеттери бекитилсин.

Кафедра башчысы ______________ проф.м.а., п.и.д. Дюшеева Н.К.

Катчы ________________ Бейшебаева К.Б.

**Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин 2014-жылдын 10-октябрда өткөн Окумуштуулар кеңешинин №2 протоколу.**

**Катышкандар**: Кеңештин төрагасы – ф.и.д., проф.м.а. А.Т.Дунканаев, кеңештин төрагасынын орун басары, ага окутуучу Н.Жумашова; кафедра башчылары: ф.и.к., доц. А.Койлубаева, ф.и.д., проф.м.а. Н.Дуйшеева, ф.и.к., доц. К.Койлубаев, ага окутуучу А.Орозобаев, ф.и.к., доц.м.а. Н.Акматов; ф.и.к., проф. С.Бегалиев, ф.и.к., доц.м.а. Т.Байтикова, ф.и.к. А.Анапияева, доц. Т.Мамбетов; ага окутуучулар: Д.Исмаилова, К.Арбаев;

катчы Э. Наматова.

**Күн тартибинде караалуучу маселелер:**

1. Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин күндүзгү бөлүмүндөгү 2013-2014-окуу жылынын жыйынтыктары (кафедра башчылары, деканат).
2. Кафедралардагы илимий-усулдук семинардын ишин активдештирүү, жаш окутуучуларга насаатчылар бекитүү менен окутуунун алдынкы ыкмаларын үйрөтүү жана жаш окутуучулардын стажировкаларын өткөрүп, башка ЖОЖдор менен болгон байланышты чыңдоо.
3. Окутуучулардын эмгек тартибин жана бакалаврдагы окутуунун сапатын, студенттердин жетиш-катышын көзөмөлгө алуу маселеси
4. 2014-2015-окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштеринин планын бекитүү.
5. Ар түрдүү маселелер

а) Мугалимдерди студенттердин анкетасы аркылуу баалоо маселеси.

б) Студенттердин өз алдынча иштери (СРС) боюнча окутуучулардын саат эсебине атайын сааттар кароо.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселелердеги ар түрдүү маселеге кошумча мектептер аралык байланышты чыңдоо маселеси Окумуштуулар кеңешинин төрагасы тарабынан сунушталып, маселелер бекитилди.

**1-маселе** боюнча кафедра башчыларынын билдирүүлөрү төмөнкүдөй болду:

**Башталгыч билим берүү жана музыка кафедрасынын 2013-2014-окуу жылынын жылдык аткарган иштери тууралуу билдирүүсү.**

**1.Окуу иштери.**

Башталгыч билим берүү жана музыка кафедрасында 19 адам эмгектенет. Анын ичинен илимдин кандидаты - 3, доцент - 2, доценттин милдетин аткаруучу - 3, ага окутуучу - 6, окутуучу – 6, аспирант – 1, жана ага лаборант -1, лаборант-1. Кафедрада эмгектенген окутуучулардын билими, квалификациясы талапка жооп берет.

Жалпы окуу жылы боюнча бюджеттен 6781 саат пландаштырылып, 6781 сааты аткарылды; контрактан 3475 саат

пландаштырылып, 3347 саат аткарылды; жыл боюнча контрактан 1-курстан Ч.Исмаилова окуудан чыккандыктан, 128 саат кем аткарылды. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору боюнча 7229 саат, саатына акы төлөө менен 916 саат пландаштырылган, пландаштырылган сааттар толук аткарылган.

**2. Илимий-изилдөө иштери.**

2013-2014-окуу жылында кафедранын окутуучулары илимий-изилдөө жана илимий-усулдук иш-чараларын жүргүзүштү. Уюштуруу иштеринде кафедранын окуу жылы үчүн илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштери боюнча аткаруучу иштеринин багыты аныкталып, планы бекитилген.

Кафедранын илимий даражалуулук пайызы 31,25% түзөт.

Жалпысынан жыл бою кафедра боюнча 9 макала, 2 методикалык колдонмо жарыкка чыкты. 16 доклад пландаштырылып, илимий-теориялык семинарда окулуп, талкууланды.

Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистигинен 9 дипломдук иш пландаштырылып, ийгиликтүү корголду.

**3. Илимий-усулдук иштер.**

Жалпы 16 илимий-усулдук доклад пландаштырылып, докладдар методикалык семинарларда окулуп, талкууга алынган.

2-жарым жылдыкка 14 ачык сабак пландаштырылган, натыйжада 14 ачык сабак кафедра мүчөлөрү тарабынан талкууга алынып, анализдер берилген. Протоколдору, сабактын иштелмелери толук тиркелген. Өз ара сабакка катышуу журналына анализдер жазылган.

Практика боюнча 2-жарым жылдыкта П/КП-41, П/КП-31, П/КП-21 тайпаларынын студенттери педагогикалык, окуу жана адаптациялык практикаларын өткөрүштү. Өздөрүнө бөлүнгөн класстарда башталгыч класстардын сабактык мугалимдери жана кафедранын методисттери тарабынан усулдук көрсөтмөлөрдү, өткөргөн тиешелүү сабактарына анализдерди алып турушту. П/КП-41, ПКП-31,32, П/КП-21 тайпаларына адаптациялык, окуу жана педагогикалык практикаларына «Багыт берүү жана жыйынтыктоо конференциясы» өткөрүлдү. Анда методист-окутуучулар, кафедра жетекчиси, математика, дене-тарбия, музыка кафедралардын өкүлдөрү, окуу практикаларынын жүрүшү боюнча кеңири отчетторун, маалыматарын беришип, тиешелүү жыйынтык

чыгарышты. П/КП-41, П/КП-31,32, П/КП-21 тайпаларынын окуу практикалары өтүлүшү жыйынтыгында «жакшы» деп табылды. Жыйынтыктоо отчеттору кабыл алынды. Практика боюнча журналга методисттердин отчеттору толук жазылган.

Кафедралык, тайпалык журналдар өз убагында кафедра мүчөлөрү тарабынан толтурулуп, сааттары жабылган.

Кафедранын иш планынына ылайык кафедранын календарлык планы боюнча 10 кеңешме, андан сырткары кезексиз кеңешмелер өткөрүлгөн. Токтомдору толук тиркелген.

**4. Материалдык-техникалык базасы.**

Кафедрага ЫМУнун 1-окуу корпусунун 331-табият таануу жана мекен таануу кабинети, 1-окуу корпусундагы 309-аудиториялары тиешелүү. 331-кабинет толук жаңыдан жасалгаланды, 4 книжный шкаф алынды. Кафедрага жаңы компьютер, терезеге жалюз алынды. Кафедрада шкаф –2 , бир тумб. стол–1 даана, эки тумб стол-1 отургуч-11, жылыткыч–1, кийим илгич-1, стенд-3, парда-1, күзгү-1, телефон-1, сейф–1 бар.

Кафедрага тиешелүү ЫМУнун 1-окуу корпусундагы 331, 309-аудитория жана 323-кафедрага да тазалоо иштери жүрүп, акталып, сырдалып толук түрдө ремонттору бүткөрүлдү. Мындан сырткары "Толкун" маданий борборунда музыкалык билим берүү адистигине тиешелүү окуу класстар тазаланып, сырдалып, акталды. Бардык предметтер боюнча окуу, көрсөтмө куралдарга өтүнүчтөр берилип, жасалууда. Азыркы талапка ылайык окуу куралдары, көрсөтмө куралдар, мультимедиялык класс, проектор, фотоаппарат, телевизор, сканер, интернет түйүнү менен байланыш, жалпысынан техникалык каражаттар керектелүүдө.

**5. Тарбиялык иштер.**

Кафедрада окуу, илимий-усулдук, илимий-изилдөө иштери менен катар тарбиялык иштер да алынып барылды. Жыл башында түзүлүп, бекитилген пландын негизинде иш жүргүзүлдү.

Кафедрага тиешелүү 9 тайпа бар, анын кураторлору:

1. Ага окутуучу К.Арбаев - П /КП-31, П /КП-32, П /КП-21.
2. Ага окутуучу К.Арбаев - П/КП -41, П /КП-51, П /КП-11, 12.
3. МОК-11, 51 тайпасыларына Ф.Усенова.

Кураторлор тарабынан иш пландар иштелип чыгып, ар кандай кечелер өз убагында өткөрүлүп турду.

Кураторлор ага окутуучу К.Арбаев, Б.Атыгаев, Ф.Усенова тайпалардагы жатаканада жашаган студенттер менен да

аңгемелешүүлөрүн жүргүзүштү, б.а. окутуучулар тарабынан кезмет уюштуруу иштери да көзөмөлгө алынып турду.

Тарбиялык иштерди жыйынтыктап айтканда, эки куратор бекитилген тайпалары менен тыгыз жетиш-катышта иштешти, о.э. контрактын акчаларын да убагында төлөттүрүштү.

Мындан тышкары тайпалар өзүлөрүнө бекитилген аудиториялардын, шаардын жана окуу жайдын айланасындагы бөлүнгөн жерлердин тазалыгын камсыздоо, иретке келтирүү жумуштарына активдүү катышышты. Бардык иштерди жыйынтыктап айтканда башталгыч билим берүүнүн жана музыка кафедрасы аталган окуу жылына пландаштырган иштерди өз убагында талапка ылайык аткарууга жетишти.

**Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Факультеттин 2013-2014-окуу жылынын жыйынтыктары канагаттандыраарлык деп табылсын.
2. Кафедралардагы илимий-усулдук семинардын ишин активдештирүү, насаатчыларды бекитүү, окутуунун алдынкы ыкмаларын үйрөтүү, ЖОЖдор менен болгон байланышты чыңдоо бекемделсин.
3. Окутуучулардын эмгек тартибин жана бакалаврдагы окутуунун сапатын, студенттердин жетиш-катышын көзөмөлгө алуу маселеси жолго коюлсун.
4. 2014-2015-окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштеринин планын бекитилсин.

**Төрага ______________ проф.м.а. А.Т.Дунканаев**
**Катчы _______________ Э. Наматова**

**Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин П/КП-51 тайпасынын «Ата-баба мурастары» деген темадагы кураторлук саатынын**

**Протоколу.**

Каракол ш. 21.10.2014 ж.

1. Улуттук баалуулуктар, салт-санаалар, үрп-адаттар жана жөрөлгөлөр боюнча жаштардын түшүнүгүн арттыруу.

Куратор: Б.Атыгаев: -Алмустактан бери карай келе жаткан кыргыздын улуттук салт-санаалары, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрүн

бүгүнкү муун таанып билиш керек. Айрым салт-санааларыбыз унутта калып бара жаткандай сезилет. Ошондуктан мезгилдүү басмаларда, улуттук, областтык теле каналдардан мындай каада-салттарды, жөрөлгө-лөрдү кеңири чагылдырып, бүгүнкү муунга үйрөтүү биздин негизги милдетибиз болуп саналат.

Мындай жөрөлгөлөрдүн бирин биздин университетибиз былтыр «Ыр-кесе - 2014» сынагын факультеттер арасында өткөрүп, кыргыздын бүтүндөй салт-санааларын («Үйлөнүү үлпөт той», «Бешик той», «Жентек той», «Сөйкө салуу», «Достоштуруу» өңдүү бир катар салттарды) чагылдырып, студенттерге, мугалимдерге тартуулады. Бул жакшы көрүнүш. Эмесе, силер дагы кандай салт-санааларды, жөрөлгөлөрдү билесинер?

Бактыбек кызы Гүлбарчын: -Унутта калып бара жаткан салт-санааларды улуу муундардан сурап, кайрадан жандандыруу керек. Азыркы жаштар этти устукандаган-ды билишпейт. Мына ушул сыяктуу жөнөкөй жөрөлгөлөрдөн башташ керек. Керек болсо малды сойгондун да өзүнүн ыгы болот.

Коралиева Нурзада: -Азыркы күндө кыргыздын мурунку унутта калып бара жаткан «сөйкө салуу» салты бүгүнкү күнү жандана баштады. «Ала качуу» деген азайып, кыздар өзүнүн каалаган жигитине турмушка чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатат.

Эдил кызы Бегайым: -Быйыл Чолпон-Ата шаарында өткөн «Көчмөндөр оюнунда» дагы кыргыздын улуттук оюндары болгон «Көк бөрү», «Тогуз коргоол, «Ордо» өңдүү унутта калып бара жаткан оюндарда жанданып баштады. Бул келечек муун үчүн жакшы көрүнүш.

Шамыркулова Кундуз: -Улуттук теле каналдан жакындан бери баба мурастарын чагылдырган жаңы долбоор бериле баштады. Анда командалар ортосунда боз үй тигүүнү, устукандаганды, эт тартканды, ат жабдыктарын атка туура чегерүү сыяктуу жакшы теле берүү башталды. Бул дагы биз үчүн чоң сабак.

Кураторлук саат талаш-тартыш деңгээлинде өттү. Көпчүлүк студенттер баба мурастары менен таанышышты.

Кураторлук саат токтом кылат:

1. Студенттер улуттук каада-салтты үйрөнүп, жандандырып таанып билсин.

Куратор ____________ Б.Атыгаев

Староста ____________ Каныбек к. К.

Катчы ____________ Асылбекова А.

**Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын отурумунун**

**№ _____ токтому.**

«____» _______ 20__-ж. ____ саат____ мүн. __ саат ____ мүн. чейин

Катышты:

Төрага ______________________________
Мүчөлөр _____________________________
_______________________________________
_______________________________________
_______________________________________

Студент _______________________________________
Аты-жөнү

Дипломдук долбоорду (ишти) кароо тууралуу
__________________ факультети
__________________ адистиги
________________________________________ тема боюнча

Долбоор (иш)________________________жетекчилиги менен аткарылган.
Аты-жөнү

Мамлекеттик Аттестациялык комиссияга төмөнкүлөр көрсөтүлдү:

1. Дипломдук иштин тексти ____ бет
2. Долбоорго (ишке) чийүү (сызуу) ____ бет
3. Дипломдук долбоорго (иш) жетекчинин пикири.
4. Долбоор (иш) боюнча пикир
5. Аткарылган долбоор (иш) боюнча студенттин ____ мүнөт билдирүүсүнөн кийин төмөнкү суроолор берилди:

1.__________________________________________________________________
____________________________________________________________________
2.__________________________________________________________________
____________________________________________________________________

**Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын отурумунун**
**№ ____ токтому.**

«_____» ________ 20__-ж. _____ саат_____ мүн. ____ саат ____ мүн.чейин

Катышты: Төрага ________________________________
Мүчөлөр ________________________________
____________________________________________
____________________________________________

_____________________________сабагынан мамлекеттик экзамен тапшыруу тууралуу __________________________ факультети _____________________ адистиги _________________________ экзамен тапшырып жаткан студент _________________________ аты-жөнү

Суроолор: 1_________________________________________
2 _________________________________________
3 _________________________________________

Студент мамлекеттик экзаменди _______________ деген баага тапшырды деп табылсын.

Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын отурумунун өзгөчө пикири ______________________________________________________________
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________

Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________
(колдору)

Токтом толтурган адамдын колу _________________________

студенттик дипломдук долбоорду (иш) аткарды жана __________ деген баага коргоду деп табылсын.

Мамлекеттик Аттестациялык комиссия мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири______________________________________________________________
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________

Токтомду толтурган адамдын колу ________________________

**Мамлекеттик сынактары толук тапшырган студенттерге квалификация ыйгаруу жөнүндө Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын отурумунун № ____ токтому.**

Катышты: Төрага ___________________________

Мүчөлөр __________________________

____________________________________

____________________________________

____________________________________

Студент ____________________________________

Аты-жөнү

Мамлекеттик сынактарды тапшырды:

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

____________________ ______________ ___________________

сабактын аталышы баасы тапшырган күнү

Студент ______________________________________

аты-жөнү

окуу планда каралган бардык мамлекеттик экзамендерди ___________

адистиги боюнча тапшырды деп табылсын.

Студент _____________________________________________

аты-жөнү

окуу планда каралган бардык мамлекеттик экзамендерди _____________________________________________________________

адистиги боюнча тапшырды деп табылсын.

Студент _____________________________________________

аты-жөнү

________________________________ квалификациясы ыйгарылсын.

Мамлекеттик Аттестациялык комиссиянын өзгөчө пикири ______________________________________________________________

______________________________________________________________

________________________________(артыкчылык менен), (жөнөкөй)

дипломy берилсин.

**Кыргыз Республикасы. Ысык-Көл мамлекеттик университети**

**№ 23 – Токтом.**

Каракол шаары. 2014-жыл 20-ноябрь.

Кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры Чынгыз Айтматовдун 85 жылдыгын өткөрүү жөнүндө. Биздин өлкөбүздүн маданиятына жана адабиятына баа жеткис салымдарды кошкон Эл жазуучусу Ч.Айтматовдун 85 жылдыгын өткөрүү үчүн Ысык-Көл мамлекеттик университети токтом кылат:

1. Республиканын Эл жазуучусу Ч.Айтматовдун 85 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү боюнча иш чаралар иштелип чыгып, бекитилсин (№1 тиркеме)

2. Университетте жазуучунун китеп көргөзмөсүн, Кыргыз филология, педагогика жана журналистика факультетинде Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналган атайын ачык сааттар уюштурулсун. Бул иш чаранын аткаруу факультеттин деканы А.Т.Дунканаевке жүктөлсүн.

3. Факультеттер арасында жазуучунун маарекесине байланышкан салтанаттар, кечелер жана диспуттар уюштурулсун.

4. Бул токтомдун аткарылышы «Толкун» маданий-эстетикалык борборунун директору К.Борбодоевге жүктөлсүн.

ЫМУнун ректору доц. К.К.Абдылдаев.

## XVIII. Акт.

**Акт** – аныкталган факт, окуя, аракеттин тууралыгын ырастаган иш кагазы. Мисалы: курулуп бүткөн имаратты кабыл алуу, мүлктөрдүн эсеби, каражат эсеби жана сатуудагы товарлар, техникалык кароодо автомобилдик абалы ж.б.у.с. Ошондой эле, анда ар түрдүү кырдаалдар чагылдырылышы мүмкүн: мекеменин кандайдыр бир жумушунун бүтүшү же бүтпөшү, бир ишкандан экинчиге кандайдыр мүлктүн өткөрүлүп берилиши, иш кагаздарды кабыл алуу.

**Акт.**

Биз, төмөндө кол коюучулар, ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин деканы А.Т.Дунканаев, декандын орун басары Н.Жумашева, мугалимдер Сооронбаева, К.Өмүрзаковалар бул актыны түздүк, анткени алдыңкы мугалим Г.Сатышевага «Билим берүүнүн отличниги» деген наамдын берилишине байланыштуу белек сатып алуу үчүн факультеттин корунан 500 (беш жүз) сом алдык.

Факультеттин деканы _________ проф.м.а., ф.и.д. А.Т. Дунканаев

Декандын орун басары _____________ Н.Жумашова

Мугалимдер: ______________ К.Сооронбаева
______________ К.Өмүрзакова

Жатаканын комендатынын ишин тапшыруу жөнүндөгү

**Акт.**

**Каракол шаары. 20.01.2015-ж.**

Негизи: Ректордун 2014.12.12. № 82 буйругу.

Ысык-Көл мамлекеттик университетинин мурунку коменданты А.Петрова жана жаңы дайындалган комендант Н.Турусбекова, университеттин башкы бухгалтери М.Токтогулов жана административдик чарба иштер боюнча проректор Ж.Үсөнов

тарабынан ушул акт түзүлдү.

Университеттин жатаканасынын коменданты болуп иштөөчү А.Попова ишин Н.Турусбековага тапшырды.

Ишти тапшырууда, кабыл алууда төмөнкүлөр аткарылды:

1. Өткөрүлүп алынган буюмдар: 360 керебет,360 үстөл, 680 отургуч, 60 телевизор, 80 радио кабыл алгыч, 20 газ плитасы, 180 шкаф. Баары жарактуу абалда.

2. 2014-жылдын 1-сентябрына карата эсептен чыгарылган эмерек буюмдардын тизмеси өз убагында чарба бөлүмүнө тапшырылган.

3. «ЫМУ №2 жатакана» деп жазылган штамп.

Тиркеме: а) өткөрүлүп алынган буюмдардын саны жана баасы көрсөтүлгөн тизме (6-бет, 3-нуска); б) жатаканада жашаган студенттердин тизмеси (8-бет, 3-нуска).

Акт 3 нускада даярдалды: 1-нуска бухгалтерияга, 2- нуска А.Поповага, 3-нуска Н.Турусбековага берилди.

Ишти тапшырдым ____________ Петрова А.
(колу)

Ишти кабыл алдым ____________ Турусбекова Н.
(колу)

Акт түзүүгө катышкандар: ____________ Токтогулов М.
(колу)

____________ Үсөнов Ж.
(колу)

«Бекитемин»
ЫМУнун Бириккен профсоюз
комитетинин төрагасы
____________ К.И.Алымбаев

Пайдаланууга жараксыз спорт буюм-тайымдарын эсептен чыгаруу жөнүндөгү

**Акт.**

Негизи: ЫМУнун ректорунун 2014-жылдын 8-январындагы буйругу.

ЫМУнун бириккен профсоюз комитетинин токтомунда каралгандай К.Алымбаев (төрагасы). Текшерүү комиссиянын мүчөлөрү А.Усупов, Р.Усубалиев, К.Борбодоев курамында болгон

комиссия түзүлдү. Комиссиянын ишине жана акт түзүүгө институттун башкы бухгалтери М.Токтогулов катышты.

Комиссия ЫМУнун бириккен профсоюз комитетинин карамагындагы спорт буюм-тайымдардын ал-абалын карап, таанышып чыккандан кийин төмөнкү спорт буюмдары мындан ары пайдаланууга жараксыз экендиги аныктады:

| **№** | **Спорт буюм-тайымдары-нын аталышы** | **Саны** | **Ар бир буюмдун баасы (сом)** | **Жалпы баасы (сом)** | **Сатып алынган жылы, азыркы абалы** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** |
| 1 | Шахмат | 2 | 50,90 | 101 сом 80 тыйын | 1980-ж. Тактасынын боегу өчкөн, сандары билинбей калган. |
| 2 | Волейбол тобу | 4 | 25,25 т. | 101 сом | 1990-ж. жарылган |
| 3 | Волейбол тобу | 1 | 57,85 т. | 57, 85 т. | 1991-ж. тору тешилген, айрылган |
| 4 | Убакыт өлчөгүч | 1 | 27 с. 00 т. | 27 с. 00 т. | 1980-ж. Айнеги сынып, иштебей калган |

Комиссия жогоруда көрсөтүлгөн жалпы баасы 287 сом 65 тыйындык (эки жүз сексен жети сом алтымыш беш тыйын) спорт буюм-тайымдары пайдаланууга жараксыз болгондуктан, эсептен чыгаруу зарыл деп эсептейт.

Комиссиянын төрагасы ________________ К.И.Алымбаев
Колу

Комиссия мүчөлөрү ________________ А.Усупов
Колу

________________ К.Борбодоев
Колу

________________ Р.Усубалиев
Колу

Башкы бухгалтер ________________ М.Токтогулов
Колу

# XIX. Ишеним кат. (доверенность)

**Ишеним кат** – жеке адамдан, уюмдан же ишканадан бир нерселерди алууга жооптуу кишиге берилүүчү расмий кагаз. Ишеним катта аны алуучу, ишкананын аталышы, кимге, кайсы мекемеге берилип жаткандыгы, алына турган баалуулуктар так көрсөтүлөт.

**Ишеним кат**

Каракол ш. 14-май 2014-жыл.

Мен, ЫМУнун Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультетинин 3-курсунун студенти, Эралиев Таштанбек Мырзаевич өзүмдүн эжем Эралиева Чынарага стипендиямды алууга ыйгарым укук берем.

(колу) Т.М.Эралиев

(нотариалдык кеңсенин бул ишеним катты күбөлөндүргөн тиешелүү жазуусу)

**Ишеним кат**

Мен, Коралиева Нурзада, Кашка-Суу кичирайонунун 10-үйүнүн 36-батиринин жашоочусу сиңдим Коралиева Элданага жогоруда көрсөтүлгөн батиримди менин атымдан сатуу, сатып алуу же алмашуу бүтүмүн жүргүзүүгө, арыз жазуу жана ага кол коюуга ыйгарым укук берем.

(колу) Н.Коралиева

(нотариалдык кеңсенин бул ишеним катты күбөлөндүргөн тиешелүү жазуусу).

(колу)____________________

Мөөр 24-май 2015-жыл

# XX. Жеке план.

**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети**

________________________________ **факультети**

________________________________ **кафедрасы**

20__-20__ - окуу жылы

## ЖЕКЕ ПЛАН

________________________________________
Ээлеген кызматы, илимий даражасы

________________________________________
Аты-жөнү

«_____» __________________ 20___ - жылы конкурстан өткөн

«_____» __________________ 20___ - жылдын «____» 20__ - жылга

чейин келишим боюнча кабыл алынган

## Жеке планга эреже.

1. Жеке план профессор-окутуучулар курамынын окуу жылындагы ишин уюштурууну аныктоочу негизги иш кагаз болуп саналат.

2. Окутуучунун жеке планы кафедранын келечек жана күнүмдүк планынын негизинде түзүлөт.

3. Жеке планды көзөмөлдөө кафедра башчысына жүктөлөт.

4. Кафедра башчысынын жеке планын факультеттин деканы бекитет.

5. Жеке план кафедрада 5 жылга чейин сакталат.

6. Окуу жылынын ичиндеги жеке пландагы өзгөрүүлөр кафедра башчысынын көрсөтмөсүнүн жана кафедра чечиминин гана негиздеринде ишке ашырылат.

7. Шайлоодон кийин жеке план окутуучунун 5 жылдык толтуруучу иш кагазы болуп саналат.

8. Окутуучулардын иш аткаруу боюнча маалыматы окуу-инспекциялык бөлүмүндө окуу жылы ичинде берилет.

9. 3-бөлүк студенттик илим-изилдөө иштерин дагы (СИИИ) камтыйт.

10. Ар бир иштин аткарылышы кафедра башчысы тарабынан өз-өзүнчө бекитилет.

11. 6 сааттык жумуш күнүнүн келип чыккан иш убактысынын жылдык көлөмүнүн чегиндеги окуу жүгү боюнча жоопкерчилик окутуучуга жүктөлөт.

12. Пландаштырылган иштин кайсы бир түрү аткарылбай калган учурда, анын себебин окутуучу жазуу түрүндө жеке планга тиркейт.

13. Окутуучунун жеке планы кафедранын отурумунда каралат да, кафедра башчысы бекитет, ал эми кафедра башчысынын жеке планы факультеттин деканы тарабынан бекитилет. Жеке пландагы өзгөрүүлөр кафедранын чечиминин негизинде жана окутуучунун макулдугу менен жүргүзүлөт. Окуу жылынын аягында жеке планга иштин чыныгы аткарылышы белгиленет. Штаттагы окутуучулардын иш көлөмүнүн эсеби чыныгы катталган убакыт боюнча саналат, бирок ЖОЖдун кеңешмеси бекиткен ченемден ашпоосу керек.

## I. Окуу-усулдук иши.

| № | Иштин аталышы | Аткарылыш мөөнөтү | |
|---|---|---|---|
| | | Башталышы | Аякташы |

## II. Илим-изилдөө иши.

| № | Иштин аталышы | Аткарылыш мөөнөтү | |
|---|---|---|---|
| | | Башталышы | Аякташы |

## III. Уюштуруу-усулдук иштери.

| № | Иштин аталышы | Аткарылыш мөөнөтү | |
|---|---|---|---|
| | | Башталышы | Аякташы |

## IV. Студенттерди тарбиялоо иши.

| № | Иштин аталышы | Аткарылыш мөөнөтү | |
|---|---|---|---|
| | | Башталышы | Аякташы |

## V. Окуу жылы ичиндеги жеке планга киргизилген өзгөртүүлөр.

| № | Тапшырманын түрү | Токтомдун № жана күнү |
|---|---|---|
| | | |

## VI. Окуу жылы ичиндеги окутуучунун ишинин жыйынтыгы боюнча эскертүүлөр жана сунуштар.

**Эскертүү**: Окутуучуга окуу, окуу-усулдук жана башка иштерине баа берүү, окутуучунун кетирген катачылыктарын жана аны жоюнун жолдору, окутуучуну илимий ишке багыттоо.

________________________________________

________________________________________

________________________________________

**Жеке пландын аткарылышы жана сунуштар жөнүндө отчет.**

______________________________________________________________

Окутуучунун кызматы, аты-жөнү

«______» ______________________ 20 ___ - ж. кафедранын отурумунда бекитилди № ____________________

Кафедра башчысы ___________________________________

## VII. 20___ - жылдан 20__ - жылга чейин жарык көргөн илимий жана усулдук иштердин тизмеси

| Макаланын аталышы | Басма табак көлөмү | Басмаканада | Автордун аты-жөнү |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Окутуучунун колу _________________________________________

# XXI. Журнал.

**Окуу тайпасынын журналы**

_____________________ факультети

______________________ адистиги

________________ курсу

________________ тайпасы

Староста _________________________________

_______________________________ окуу жылы үчүн

**Мазмуну.**

| Сабактын аталышы | бети |
|---|---|
| | |

**Тайпа журналын толтуруу эрежеси.**

1. Журнал деканат тарабынан тайпанын старостасына сабак башталганга чейин берилет дагы, сабактар бүткөнгө чейин тайпада болот.
2. Студенттердин сабакка катышуусун староста белгилейт.
3. Староста окутуучунун сабакта жоктугун деканатка сабак башталгандан 10 мүнөткө чейин билдирет.
4. Журналдын сакталышына жана туура толтурулушуна староста жооп берет.
5. Окутуучу өткөрүлгөн сабактын санын жана мазмунун журналдын келтириген бөлүгүнө өзү толтурат. Жалпы лекция учурунда бул жазууну староста жүргүзөт.
6. Студенттердин күндүк жетишкендик жыйынтыктарын журналдын келтирилген бөлүгүнө староста белгилейт.
7. Сабактар бүткөндөн кийин староста журналды деканга же орун басарына өткөрүүгө жана өткөн күн жөнүндө маалымдоого милдеттүү.
8. Староста сабакка келбей калган студенттин аты-жөнүнүн тушуна – кж- белгисин коет. Бул белги калтырган күн жана сабактын аталышы менен дал келиш керек.
9. Студенттин ар бир сабакка катышуусу окутуучунун колу менен, ал эми жалпы лекция учурунда староста тарабынан бышыкталат.
10. Жуманын аягында студенттер тарабынан калтырылган сааттар эсептелет жана келтирилген бөлүккө жазылат. Бул жерде себептүү калтырган сааттар белгиленет.

11. Журналдын беттери номурланат жана мазмунунда сабактар кайсы беттерде экендиги белгиленет.

**Тайпанын старостасына эскертме.**

1. Деканаттын көрсөтмөсү менен ректордун буйругунун негизинде ар бир тайпада жакшы жетишкен жана тартиптүү студенттерден староста бекитилет.

2. Тайпанын старостасы түздөн-түз деканга баш иет жана анын көрсөтмө-буйруктарын ишке ашырат.

3. Тайпанын старостасынын милдеттери;

А) окуу сабактардын бардык түрлөрүнө студенттердин катышуусун текшерүү;

Б) Студенттердин сабак калтыруусу же кечигүүсү тууралуу деканга билдирүү;

В) Тайпадагы окуу тартибинин абалына жана окуу каражаттардын жана эмеректердин сакталышына көзөмөл жүргүзүү;

Г) Студенттердин окуу китептерди жана окуу куралдарын өз убагында алуусун уюштуруу;

Д) Сабактардын иретиндеги өзгөрүүлөрдү студенттерге билдирүү;

Е) Күнүнө тайпадагы кезметчини дайындоо;

4. Старостанын буйруктары бардык студенттерге милдеттүү.

5. Бардык тайпаларда факультетте сакталган журнал болот. Бул журнал сабак башталаар алдында старостага берилет. Староста журналга сабакка келген жана келбеген студенттерди белгилейт.

6. Сабак бүткөндөн кийин журнал деканатка өткөрүлөт.

**Сабактардын ирети.**

I жарым жылдык

| **Күндөр** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дүйшөмбү | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | |
| Жума | | | | | | |
| Ишемби | | | | | | |

II жарым жылдык

| **Күндөр** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дүйшөмбү | | | | | | |
| Шейшемби | | | | | | |
| Шаршемби | | | | | | |
| Бейшемби | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жума | | | | | | |
| Ишемби | | | | | | |

**Тайпа студенттердин тизмеси.**

| № | Аты-жөнү (Толук) | Туулган жылы, айы, күнү | Улуту | Жынысы | Студенттин дареги | Ата-энесинин дареги | Үй-бүлөлүк абалы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | |

Сабагынын ___________ План боюнча саатынын саны ______

Окутуучунун аты-жөнү __________________________ бети _________

| № | Студенттин аты-жөнү | Катыш-жетиш эсеби | күнү | Сааттын саны | Лекциялык жана практикалык сабактардын мазмуну | Окутуучунун колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| Канча студент келген жок | | | | | Жалпы сааттар | |
| Старостасынын колу | | | | | | |

## Студенттин жетишкендик журналы.

________________________________ факультети

| № | ____ семестр 20__ж.<br>_____ тайпасы<br>Студенттин аты-жөнү | Зачеттор | Экзамендер | Эскертүү |
